Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

# Шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү тажрыйбасы, жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу жана укуктук маданиятын жогорулатуу боюнча чаралар, шайлоо мыйзамдарынын аткарылышы жана аларды өркүндөтүү боюнча мыйзамдык сунуштар жөнүндө

## Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы Т.У. Шайназаровдун 2024-жыл үчүн БАЯНДАМАСЫ

Бишкек-2025

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**........................................................................................................3

**1-БӨЛҮМ. ШАЙЛООЛОРДУ ДАЯРДОО ЖАНА ӨТКӨРҮҮ ТАЖРЫЙБАСЫ**

1.1. 2024-жылдын 28-апрелиндеги № 2 Баткен, № 7 Ош жана № 9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо........................................................................4

1.2. 2024-жылдын 30-июнундагы № 5 Ноокат, № 29 Свердлов жана № 36 Ысык-Көл бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо .....................................................................11

1.3. 2024-жылдын 22-сентябрындагы № 13 Сузак бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо .......20

1.4. 2024-жылдын 17-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо.....................................................................23

**2-БӨЛҮМ. ЖАРАНДАРДЫН УКУКТУК МАДАНИЯТЫН ЖОГОРУЛАТУУ ЖАНА ШАЙЛОО УКУКТАРЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАРЫ**

2. Шайлоолордун маданий укуктарын жогорулатуу боюнча чаралар-жарандык билим берүү боюнча иш-чаралар..................................................................................44

Тиркеме..........................................................................................................46

**3-БӨЛҮМ. ШАЙЛОО МЫЙЗАМДАРЫН АТКАРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖАНА АНЫ ЖАКШЫРТУУ БОЮНЧА СУНУШТАР**

3.1. Шайлоолордо аялдардын катышуусун активдештирүү үчүн шарттарды түзүү боюнча чаралар..........................................................................................................48

3.2. Жогорку Кеңештин жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандатын өткөрүп берүү бөлүгүндө мыйзамдардын аткарылышы..................................................................49

3.3. Шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштар...........................................55

# КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 107-беренесине ылайык, Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссия Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылат.

“Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 1-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - БШК) Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуучу жана шайлоо комиссияларынын тутумуна башчылык кылуучу туруктуу иштеген мамлекеттик бийликтин көз карандысыз органы болуп саналат.

БШКнын милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1) Кыргыз Республикасынын аймактарында Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарынын жана референдумга катышуу укуктарынын сакталышын камсыз кылуу;

2) шайлоо мыйзамдарынын бир түрдүү колдонулушун камсыз кылуу;

3) талапкерлер, саясий партиялар үчүн бирдей укуктук шарттарды сактоону камсыз кылуу;

4) шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын эсебин жүргүзүүнүн бирдиктүү системасын уюштуруу;

5) Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларын шайлоону жана референдумду даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуу;

6) шайлоо тутумун өнүктүрүү, шайлоо процессинин катышуучуларын маалымдоо жана шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн жана шайлоо комиссиясынын резервинде турган адамдарды окутуу.

Кыргыз Республикасында шайлоо процессинин субъекттери үчүн мыйзамдык деңгээлде бардык зарыл шарттар түзүлгөн. Шайлоолор жана референдумдар жалпы, тең, тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү аркылуу өткөрүлөт жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын эркин жана ыктыярдуу жүзөгө ашыруусуна негизделет.

Ушул баяндама, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 80-беренесинин 5-бөлүгүнүн 2-пунктуна жана “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 11-беренесинин 13-пунктуна ылайык даярдалды.

Баяндамада “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 131-беренесине ылайык, 2024-жылы шайлоолорду даярдоонун жана өткөрүүнүн практикасы жөнүндө, шайлоо укуктарын камсыз кылуу жана жарандардын укуктук маданиятын жогорулатуу боюнча чаралар тууралуу, шайлоо мыйзамдарын ишке ашыруу боюнча чаралар жана аны өркүндөтүү боюнча мыйзамдык сунуштар жөнүндө маалыматтар камтылган.

## 1.1. 2024-ЖЫЛДЫН 28-АПРЕЛИНДЕГИ № 2 БАТКЕН, № 7 ОШ ЖАНА № 9 КАРА-СУУ БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГДАРЫ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛОО

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 65-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча тийиштүү шайлоо округдарына кеткендердин ордуна Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоо Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дайындалат жана бош депутаттык мандат пайда болгондон кийин эки айдын ичинде БШК тарабынан ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттө өткөрүлөт.

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, мөөнөтүнөн мурда шайлоодо ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген шайлоо аракеттеринин мөөнөттөрү үчтөн бирине кыскарат.

Жеке өз арыздарынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары Н.А. Ражабалиевдин (№ 2 Баткен округу), А.Ж. Осмоновдун (№ 7 Ош округу) жана И.И. Матраимовдун (№ 9 Кара-Суу округу) ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыгына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 4-мартындагы № 60 жана 2024-жылдын 14-мартындагы № 77 Жарлыктары менен аталган округдар боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо 2024-жылдын 28-апрелине дайындалган.

### Шайлоочулардын тизмеси

2024-жылдын 28-апрелине дайындалган № 2 Баткен, № 7 Ош жана № 9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын (мындан ары - КР ЖК) мөөнөтүнөн мурда шайлоодо шайлоочулардын тизмесине **349 798** шайлоочу киргизилди, анын ичинен:

– № 2 Баткен шайлоо округу боюнча - **112 379** шайлоочу, анын ичинен: эркектер - 56 541 же 50,31% жана аялдар - 55 838 же 49,69%;

– № 7 Ош шайлоо округу боюнча - **125 386** шайлоочу, анын ичинен: эркектер - 58 664 же 46,79% жана аялдар - 66 722 же 53,21%;

– № 9 Кара-Суу шайлоо округу боюнча - **112 033** шайлоочу, анын ичинен: эркектер - 54 436 же 48,59% жана аялдар - 57 597 же 51,41%.

198 участкалар боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын муктаждыктары картасына ылайык, мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын саны 685 адамды түздү.

### Шайлоо участкалары, шайлоо комиссиялары

№ 2 Баткен, № 7 Ош жана № 9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округдарында добуш берүүнү өткөрүү үчүн 198 шайлоо участкалары түзүлүп, анын ичинен 185 шайлоо участкасы (91,4%) пандустар менен жабдылган.

КР ЖК депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону уюштурууга төмөнкүлөр тартылды:

– № 2 Баткен шайлоо округу боюнча - Баткен ОШКнын **15 мүчөсү** жана УШКнын **935 мүчөсү**.

– № 7 Ош шайлоо округу боюнча – Ош ОШКнын **12 мүчөсү** жана УШКнын **752** мүчөсү.

– № 9 Кара-Суу шайлоо округу боюнча - Кара-Суу ОШКнын **14 мүчөсү** жана УШКнын **818 мүчөсү.**

2024-жылдын 22-мартынан 29-мартына чейин шайлоо комиссияларынын **2 505** мүчөлөрү шайлоонун негизги аспектилери, анын ичинде шайлоо мыйзамдарынын нормалары боюнча окуудан өтүштү.

Шайлоо комиссиялары бардык зарыл болгон методикалык материалдар: ОШК, УШКлар үчүн колдонмолор жана жыйнактар, талапкерлер, саясий партиялар үчүн жыйнактар, плакаттар, календарлар, көрнөктөр менен камсыз кылынды.

**<u>Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлер</u>**

*"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 60-беренесине ылайык, бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттыкка көрсөтүү* ***өзүн өзү көрсөтүү жана саясий партиядан көрсөтүү жолу менен*** *жүзөгө ашырылат.*

КР ЖКнын депутатын **мөөнөтүнөн мурда шайлоодо** № 2 Баткен, № 7 Ош жана № 9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча жалпысынан **42** талапкер (эркектер – 40, аялдар – 2) көрсөтүлгөн.

Көрсөтүлгөн 42 талапкердин ичинен **6** талапкер мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышуу арыздарын чакыртып алышкан.

**Жалпысынан 36 талапкер** (35 эркек, 1 аял) катталган, анын ичинен 6 катталган талапкер мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышуудан баш тартышкан.

Талапкер өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан чыгымдоосу талапкердин шайлоо фондунан бардык чыгашаларынын белгиленген эң жогорку өлчөмүнөн 0,5 пайыздан ашкандыгына байланыштуу, БШКнын 2024-жылдын 26-апрелиндеги № 97 чечими менен КР ЖКнын депутаттыгына талапкер М. Маматкуловдун каттоосу жокко чыгарылды.

№ 2 Баткен, № 7 Ош жана № 9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоого жалпы **29** талапкер (эркектер – **28**, аялдар – **1**) катышты, анын ичинен:

– № 2 Баткен округу боюнча - **10** талапкер;

– № 7 Ош округу боюнча - **12** талапкер, анын ичинен 1 аял;

– № 9 Кара-Суу округу боюнча - **7** талапкер.

Кыргыз Республикасынын санариптештирүү саясатынын алкагында талапкерлердин маалыматтарынын мыйзамдардын талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму (паспорттук маалыматтары), Кыргыз Республикасынын жарандыгы (Санариптик өнүктүрүү министрлиги - мындан ары СӨМ), соттолбогондугу (Ички иштер министрлиги - мындан ары ИИМ), жогорку кесиптик билиминин болушу (Билим берүү жана илим министрлиги - мындан ары ББжИМ) ж.б.) аркылуу жүргүзүлдү.

**<u>Шайлоолорду маалыматтык камсыз кылуу</u>**

Шайлоолорду маалыматтык камсыз кылуу максатында БШК тарабынан КР ЖКнын № 2 Баткен, № 7 Ош жана № 9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышуучу КР ЖКнын депутаттыгына талапкерлерге жана алардын өкүлдөрүнө окуу өткөрүлдү.

Окуу талапкерлерге жана алардын өкүлдөрүнө КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун өзгөчөлүктөрү, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнүн эрежелери, шайлоо өнөктүгүн каржылоо, ачык-айкындуулукту камсыздоо жана шайлоо

процессинин ишенимдүүлүгүн көзөмөлдөө өбөлгөлөрү жөнүндө маалымат берүү максатында уюштурулган.

КР ЖКнын депутаттарын шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын кабардар кылуу максатында, БШК жалпы саны 5 030 нуска болгон басма материалдарды иштеп чыгып, таркатты. Анын ичинде:

- талапкерлер жана добуш берүүнүн жол-жоболору жөнүндө маалыматтык плакаттар;
- административдик ресурс, добуштарды сатып алуу, юридикалык жоопкерчилик боюнча материалдар;
- байкоочулар үчүн нускамалар;
- Брайль арибин колдонуу менен плакаттар.

**Басма продукциянын округдар боюнча бөлүштүрүлүшү төмөнкүдөй:**

- № 2 округу – 2006 нуска;
- № 7 округу  – 1634 нуска;
- № 9 округу – 1390 нуска.

Мындан тышкары, коомдук жайларга негизги билдирүүлөр камтылган 30 маалыматтык билборддор орнотулган:
“Шайлоочулардын тизмесинен өзүңдү такта!”, “Шайлоолор  күнү!” “Талапкерлер жөнүндө маалымат (маалымат QR код аркылуу жеткиликтүү)!”, “Өз добушуңду сатпа!”.

КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун жүрүшүн чагылдыруу үчүн 16 массалык маалымат каражаты жана 3 интернет-басылма аккредитациядан өттү. Алардын катарында: 4 басма басылма, 5 радио, 7 телеканал жана 3 интернет-ресурс бар.

Коомдук байкоочу катары 2 коомдук уюм: ОО “Сезим” жана “Жалпы иш” катталган.

Шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка катышуучуларына КР ЖКнын депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө маалымдоо максатында **8 видео ролик даярдалып, 12 аңгемелешүү, 8 түз эфир, 20 телерепортаж, интернет басылмаларында 45 маалымат материалдары чыгарылып, УТРК, “Баткен УТРК”, “Ош УТРК”, “УТРК” мамлекеттик каналында теледебаттар өткөрүлдү.**

## Шайлоону финансылык камсыз кылуу. Талапкерлердин шайлоо фонддору

2024-жылдын 28-апрелине дайындалган № 2 Баткен, № 7 Ош  жана № 9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана уюштурууга чыгымдардын сметасы БШКнын 2024-жылдын 5-мартындагы № 14 жана 2024-жылдын 20-мартындагы № 24 токтому менен **34 648,0 миң сом өлчөмүндө** бекитилген.

КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана уюштурууга чыгымдардын сметасынын аткарылышы жөнүндө маалымат:

**миң сом**

| Көрсөткүчтөр | Бөлүнгөн жалпы каражаттар | Иш жүзүндө сарпталганы | Калдыгы (үнөмдөө) |
|---|---|---|---|
| **КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо (2024-жылдын 28-апрели)** | 34 648,0 | 34 168,3 | 479,7 |

**Талапкерлердин шайлоо фонддору**

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттыгына талапкерлердин шайлоо фонддору төмөнкүдөй каражаттардын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

• талапкердин өздүк каражаттары – 150 000 сомдон ашпашы керек;

• саясий партиянын өздүк каражаттары 1 000 000 сомдон ашпашы керек;

• жарандардын ыктыярдуу кайрымдуулугу 200 000 сомдон ашпашы керек;

• жарандардын ыктыярдуу кайрымдуулугу 200 000 сомдон ашпашы керек;

• юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттары 500 000 сомдон ашпашы керек.

Шайлоо фондунан **чыгашалардын максималдуу өлчөмү** 10 000 000 сомдон ашпоого тийиш.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттыгына 29 талапкердин шайлоо фонддору түзүлдү.

Бир мандаттуу үч шайлоо округу боюнча талапкерлердин шайлоо фонддорунун атайын эсебине жалпысынан **28 063,2 миң сом** түшкөн. Шайлоо өнөктүгүн жүргүзүүгө байланыштуу чыгымдарды жабууга бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкерлердин шайлоо фонддорунан **27 506,8 миң сом** сарпталды.

Талапкерлердин атайын эсептериндеги акча каражаттарынын калдыгы **556,4 миң сомду** түздү. Калган сумма кайрымдуулук кылган адамдарга кайтарылып берилүүгө тийиш.

БШКнын депозиттик эсебине түшкөн шайлоо күрөөлөрүнүн жалпы суммасы **3 800,0 миң сомду** түздү (шайлоо күрөөсү бир талапкерге 100 миң сом). Конституциялык Мыйзамдын 41-беренесинин 16-бөлүгүнө жана БШКнын 16.06.2023-жылдагы № 58 токтомуна ылайык талапкерлерге шайлоо күрөөсүн кайтарып берүүнүн жалпы суммасы **1 800,0 миң сомду** түздү. Республикалык бюджеттин кирешесине чегериле турган сумма - **2 000,0 миң сом**.

**Шайлоонун мыйзамдуулугун жана коопсуздугун камсыз кылуу**

Мыйзам талаптарын сактоо жана шайлоодо жарандардын шайлоо укуктарын коргоо максатында, БШК тынымсыз мониторинг жүргүзүп, мыйзамдардын бузулушуна каршы көрүлгөн чаралар жөнүндө ыкчам түрдө расмий сайттын «Реестрлер» бөлүмү аркылуу маалымат берип жатты.

БШКнын жана ОШКнын деңгээлинде ыкчам чара көрүү координациялык топтору (мындан ары - ЫЧККТ) шайлоолордун мыйзамдуулугун жана коопсуздугун камсыз кылуу үчүн шайлоо комиссиялары менен укук коргоо органдарынын ортосундагы өз ара аракеттенүү механизми болуп калды.

ЫЧККТ шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна ыкчам түрдө чара көрүп, БШК жана укук коргоо органдары тарабынан көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө коомчулукка маалымат берип турду.

2024-жылдын 18-мартынан 1-апрелине чейин шайлоо округдарында (№ 2 Баткен, № 7 Ош, № 9 Кара-Суу) БШКнын мүчөлөрүнүн, ОШКнын төрагаларынын, тиешелүү аймактардын прокуратура органдарынын, ички иштер органдарынын жана улуттук коопсуздук органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда ЫЧККТнын кеңешмелери өткөрүлдү. Жолугушуулардын жүрүшүндө талапкерлердин кызыкчылыгы үчүн административдик ресурстарды пайдаланууга жол бербөө, шайлоочулардын добуштарын сатып алуу жана шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишпөө зарылдыгына өзгөчө көңүл бурулду.

Шайлоо өнөктүгү башталгандан тартып 2024-жылдын 4-майына чейинки убакта шайлоо мыйзамдарынын бузулушу жөнүндө 33 билдирүү келип түшкөн, анын ичинен:

ЫЧККТга - 31, шайлоочулардын маалымат берүү жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча даттанууларын кароо боюнча жумушчу топко - 2.

№ 2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу боюнча – 9 арыз жана даттануу келип түшкөн. БШК тарабынан 2 материал боюнча чечим кабыл алынган, укук коргоо органдары тарабынан 6 материал четке кагылып, бардык материалдар прокуратура тарабынан мыйзамдуу деп табылган, 1 материал боюнча арыз ээси өзүнүн арызын чакыртып алган.

№ 7 Ош бир мандаттуу шайлоо округу боюнча – 17 арыз жана даттануу келип түшкөн. Укук коргоо органдары тарабынан 16 материал четке кагылып, бардык материалдар прокуратура тарабынан мыйзамдуу деп табылган. БШКнын көзөмөлдүк – текшерүү тобу тарабынан 1 материалга жооп берилген.

№ 9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча – 7 арыз жана даттануу келип түшкөн. Укук коргоо органдары тарабынан 7 материал четке кагылган, бардык материалдар прокуратура тарабынан мыйзамдуу деп табылган.

Бардык келип түшкөн арыздар жана даттануулар каралып, алар боюнча чечимдер кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жазуу жүзүндө жооптор берилди.

Даттануулар жана арыздар жөнүндө маалымат менен төмөнкү шилтеме аркылуу таанышууга болот: https://shailoo.gov.kg/ru/reestr-zhalob-i-narushenij-deputatov-zhk-kr-28-aprelya-2024-goda/

БШК тарабынан эки талапкердин каттоосун четке кагуу чечими кабыл алынды:

– 2024-жылдын 26-апрелиндеги БШКнын № 97 чечими менен № 7 Ош бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КР ЖКнын депутаттыгына талапкер М. Маматкуловдун каттоосу жокко чыгарылган. 2024-жылдын 27-апрелинде Бишкек шаарынын Административдик соту анын арызын канааттандыруудан баш тарткан;

– 2024-жылдын 26-апрелиндеги БШКнын № 98 чечими менен № 7 Ош бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КР ЖКнын депутаттыгына талапкер Б. Эргешовдун каттоосу жокко чыгарылган. 2024-жылдын 27-апрелинде Бишкек шаарынын Административдик соту БШКнын 2024-жылдын 26-апрелиндеги № 98 чечимин мыйзамсыз деп таап, жокко чыгарган.

## Добуш берүүнүн жыйынтыктары, натыйжаларын белгилөө

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 33-беренесине ылайык, шайлоочулардын тизмесине киргизилген, бирок ден соолугуна же майыптуулугуна байланыштуу добуш берүү үчүн шайлоо участогуна келе албаган шайлоочулар добуш берүү үчүн орун-жайдан тышкары жерде добуш берүүгө укуктуу.

КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо бир мандаттуу үч шайлоо округу: № 2 Баткен округу боюнча - **31**, № 7 Ош округу боюнча - **488** жана № 9 Кара-Суу округу боюнча - **168** шайлоочудан орун-жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн берүү тууралуу жалпысынан **687** арыз түшкөн.

**2024-жылдын 27-апрелинде** үч округдагы шайлоо участкаларынан тышкары жалпы **606** шайлоочу добуш берди, анын ичинде:

– **№ 2 Баткен округу** боюнча **29** шайлоочу (93,55%);
– **№ 7 Ош округу** боюнча **419** шайлоочу (85,86%);
– **№ 9 Кара-Суу** округу боюнча **158** шайлоочу (94,05%).

2024-жылдын 28-апрелинде № 2 Баткен, № 7 Ош жана № 9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо боюнча добуш берүү болуп өттү.

| № | Округдун аталышы | Шайлоочулардын саны | Добуш бергендердин саны | % |
|---|---|---|---|---|
| **баардыгы** | | **349 798** | **72 609** | **20,75%** |
| 1 | № 2 Баткен округу | 112 379 | 28 508 | 25,3% |
| 2 | № 7 Ош округу | 125 386 | 23 078 | 18,41% |
| 3 | № 9 Кара-Суу округу | 112 033 | 21 023 | 18,77% |

2024-жылдын 28-апрелиндеги № 2 Баткен шайлоо округу боюнча КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө Баткен округдук шайлоо комиссиясынын 2024-жылдын 1-майындагы протоколуна ылайык, добуш берүүгө 28 508 шайлоочу катышкан, бул округдагы тизмеге киргизилген шайлоочулардын 23% түзөт.

Талапкерлер төмөнкүдөй сандагы шайлоочулардын добуштарын алышкан:

1. Салихов Кеңеш Каримович – 3 698 добуш (12,9 %);
2. Мадалиев Асылбек Алтымышович – 3 658 добуш (12,8 %);
3. Кожонов Замирбек Ырысбаевич – 3 614 добуш (12,6 %);
4. Ойтемиров Махмуд Гиесович – 1 848 добуш (6,4 %);
5. Раимкулов Аширбай Омурзакович – 869 добуш (3,0 %);
6. Нишанбаев Тургунбай – 377 добуш (1,3 %);
7. Калпаев Бактыяр Алиевич – 11 830 добуш (41,4 %);
8. Каработоев Джалил Исакович – 1 180 добуш (4,1 %);
9. Сатаров Акимали Сатыбалдыевич – 725 добуш (2,5 %);
10. Шадыманов Бакытбек Адылбекович – 398 добуш (1,4 %);
11. “Баарына каршы” позициясы үчүн 110 шайлоочу добуш беришкен (0,4 %).

2024-жылдын 28-апрелиндеги № 7 Ош шайлоо округу боюнча КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө Ош округдук шайлоо комиссиясынын 2024-жылдын 1-майындагы протоколуна ылайык, добуш берүүгө 23 078 шайлоочу катышкан, бул округдагы тизмеге киргизилген шайлоочулардын 18,41 % түзөт.

Талапкерлер төмөнкүдөй сандагы шайлоочулардын добуштарын алышкан:

1. Мамаев Абдилазиз Абдырахманович 910 добуш алган, 3,94%;
2. Танабаев Нурлан Исамидинович 108 добуш алган, 0,47%;
3. Бакир уулу Турсунбай 730 добуш алган, 3,16%;
4. Мамаджанов Бахтияр Тажибаевич 573 добуш алган, 2,48%;
5. Арзибаев Бекболот Осконбаевич 3 093 добуш алган, 13,40%;
6. Кыдыров Калтарбек Абдыкадырович 1 291 добуш алган, 5,59%;
7. Эргешов Бекмурза Аскарбаевич 10 097 добуш алган, 43,75%;
8. Абдугапаров Авазбек Абибулаевич 376 добуш алган, 1,63%;
9. Балтабаев Абдивали Жакыпович 208 добуш алган, 0,90%;
10. Лилиенталь Юлия Викторовна 337 добуш алган, 1,46%;
11. Караев Эмиль Жаныбекович 564 добуш алган, 2,44%;
12. Эргешов Ильичбек Салыевич 3 436 добуш алган, 14,89%.
13. “Баарына каршы” позициясы үчүн 619 шайлоочу добуш беришкен, 2,68%.

2024-жылдын 28-апрелиндеги № 9 Кара-Суу шайлоо округу боюнча КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө Кара-Суу округдук шайлоо комиссиясынын 2024-жылдын 1-майындагы протоколуна ылайык, добуш берүүгө 21 023 шайлоочу катышкан, бул округдагы тизмеге киргизилген шайлоочулардын 18,77% түзөт.

Талапкерлер төмөнкүдөй сандагы шайлоочулардын добуштарын алышкан:
1. Ажимаматов Сталбек Асанович – 2 682 добуш (12,76%);
2. Бакир Бакытбек – 533 добуш (2,54%);
3. Эргешов Толкун Турдукулович – 2 651 добуш (12,61%);
4. Курбанов Раимжан Рахманович – 1 884 добуш (8,96%);
5. Мамазакиров Рустам Умарович – 1 112 добуш (5,29%);
6. Кубанычбеков Илимбек Кубанычбекович – 7 599 добуш (36,15%);
7. Орунбаев Турдубек Дуйшонович – 3 633 добуш (17,28%);
8. “Баарына каршы” позициясы үчүн 458 шайлоочу добуш беришкен (2,18%).

БШК, 2024-жылдын 28-апрелинде өткөн КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону өттү деп тапты.

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 64-беренесинин 5-1-бөлүгүнө ылайык, ошол бир мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын эң көп санын алган талапкер Жогорку Кеңештин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайланган депутаты болуп таанылган:

БШК, 2024-жылдын 7-майында КР ЖКнын төмөнкү депутаттарын каттоо жөнүндө чечимдерин кабыл алган:

– № 48 токтом менен № 2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу боюнча **Калпаев Бактияр Алиевич;**

– № 49 токтом менен № 9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча **Кубанычбеков Илимбек Кубанычбекович;**

– № 50 токтом менен № 7 Ош бир мандаттуу шайлоо округу боюнча **Эргешов Бекмурза Аскарбаевич.**

Каттоодон өткөн депутаттарга белгиленген үлгүдөгү күбөлүк жана төш белгилер тапшырылды.

## 1.2. 2024-ЖЫЛДЫН 30-ИЮНУНДАГЫ № 5 НООКАТ, № 29 СВЕРДЛОВ ЖАНА № 36 ЫСЫК-КӨЛ БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГДАРЫ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛОО

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча, КР ЖКнын депутаттары № 5 Ноокат - Коргонбай уулу Ж. жана № 36 Ысык-Көл - М.К. Сарбагышевдин ыйгарым укуктары берген арыздарынын негизинде мөөнөтүнөн мурда токтотулган.

Бишкек шаардык сотунун 2024-жылдын 5-апрелиндеги аныктамасы жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2024-жылдын 30-апрелиндеги токтому менен Бишкек шаарынын административдик сотунун 2024-жылдын 1-мартындагы чечими күчүндө калтырылып, Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 2023-жылдын 21-декабрындагы өкүмүн эске алуу менен БШК, КР ЖКнын депутаты Ш.К. Атазовду КР ЖКнын депутаттыгына талапкерлердин тизмесинен чыгаруу менен анын каттоосун жокко чыгарган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 30-апрелиндеги № 109 жана 16-майындагы № 116 Жарлыктарына ылайык, № 5 Ноокат, № 29 Свердлов жана № 36 Ысык-Көл бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо **2024-жылдын 30-июнуна** дайындалган.

БШК, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын (мындан ары - конституциялык Мыйзам) 59-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, 2024-жылдын 30-июнуна дайындалган шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча БШКнын 2024-жылдын 30-апрелиндеги № 40 жана 2024-жылдын 17-майындагы № 57 токтомдору менен бекитилген негизги уюштуруучулук-практикалык иш-чаралардын Календардык пландарын иштеп чыккан.

БШКнын 2024-жылдын 30-апрелиндеги № 101 чечими менен шайлоону даярдоо жана өткөрүү мөөнөтүнө БШКнын төмөнкү жумушчу топтору түзүлгөн:

– талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча;

– арыздарды жана даттанууларды кароо, маалыматтык маселелер жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча;

– БШКнын алдындагы көзөмөлдөө-текшерүү тобу (шайлоолорду жана шайлоо фонддорун каржылоо);

– ыкчам чара көрүү координациялык тобу.

### <u>Шайлоочулардын тизмеси</u>

№ 5 Ноокат, № 29 Свердлов жана № 36 Ысык-Көл бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо боюнча шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнү активдүү шайлоо укугуна ээ, жергиликтүү жамааттын мүчөсү болгон жана биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын бардык жарандары киргизилген.

БШК менен СӨМ ортосунда Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестриндеги маалыматтардын негизинде шайлоочулардын тизмелерин тактоо күн сайын жүргүзүлдү.

2024-жылдын 30-июнуна белгиленген № 5 Ноокат, № 29 Свердлов жана № 36 Ысык-Көл бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо шайлоочулардын тизмесине
311 363 шайлоочу киргизилген, алардын ичинен эркектер - 145 341 же 46,68%, жана аялдар - 166 022 же 53,32%, болгон:

– № 5 Ноокат боюнча **91 057** шайлоочу, анын ичинен 45 529 (50%) эркектер жана 45 528 (50%) аялдар;

– № 29 Свердлов боюнча **122 975** шайлоочу бар, анын 52 271 же 42,51% - эркектер жана 70 704 же 57,49%- аялдар;

– № 36 Ысык-Көл боюнча **97 331** шайлоочу, анын 47 541 же 48,84% - эркектер жана 49 790 же 51,16% - аялдар.

**175** участка боюнча түзүлгөн ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын муктаждыктары картасына ылайык, ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген (мындан ары - ДМЧА) шайлоочулардын саны **1 412** адамды түздү.

– № 5 Ноокат округу боюнча – ДМЧА - 88 шайлоочу;

– № 29 Свердлов округу боюнча – ДМЧА - 1243 шайлоочу;

– № 36 Ысык-Көл округу боюнча – ДМЧА - 81 шайлоочу болгон.

## <u>Шайлоо участкалары, шайлоо комиссиялары</u>

№ 5 Ноокат, № 29 Свердлов жана № 36 Ысык-Көл бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча добуш берүү үчүн **175** шайлоо участкалары түзүлгөн, алардын **160** шайлоо участкасы (90%) пандустар менен жабдылган.

№ 5 Ноокат, № 29 Свердлов жана № 36 Ысык-Көл бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону уюштурууда Ноокат, Свердлов жана Ысык-Көл округдук шайлоо комиссияларынын **36** мүчөсү жана участкалык шайлоо комиссияларынын **2 214** мүчөсү ишке тартылган, анын ичинде:

– № 5 Ноокат округу боюнча **54** шайлоо участкасында УШКнын **669** мүчөсү;

– № 29 Свердлов округу боюнча **60** шайлоо участкасында УШКнын **810** мүчөсү;

– № 36 Ысык-Көл округу боюнча **61** шайлоо участкасында **735** УШКнын мүчөсү.

Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн билимин өркүндөтүү, аларга шайлоо процессинин негизги аспектилерин, шайлоону уюштуруунун жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктоонун тартибин түшүндүрүү максатында, 2024-жылдын 22-майында БШК Ноокат жана Ысык-Көл округдук шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү үчүн, ал эми 28-майдан 1-июнга чейин Ноокат жана Ысык-Көл округдарынын **115** шайлоо комиссияларынын **1 404** мүчөлөрү үчүн окутуу өткөрүлгөн.

Ушундай эле окутуу иш-чаралары БШК тарабынан 2024-жылдын 1-июнунда Свердлов округдук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү үчүн өткөрүлдү, ал эми 2024-жылдын 10–15-июнунда Свердлов бир мандаттуу шайлоо округунун **60** участкалык шайлоо комиссиясынын **810** мүчөсү окутулду.

Окутуу программасы төмөнкү модулдарды камтыды:

– бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун өзгөчөлүктөрү;

– участкалык шайлоо комиссиясынын ишинин принциптери жана ыйгарым укуктары;

– шайлоо учурунда участкалык шайлоо комиссияларынын этап-этабы менен аракеттери;

– шайлоо участогунда ДМЧА жарандар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү;

– арыздарды жана даттанууларды кароонун тартиби;

– бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктарын шайлоо комиссиялары тарабынан аныктоонун тартиби.

Шайлоо комиссиялары бардык зарыл болгон методикалык материалдар: ОШК, УШКнын колдонмолору жана жыйнактары, талапкерлер, саясий партиялар үчүн жыйнак, плакаттар, календарлар, жарнак-көрнөктөр менен камсыз болгон.

## КР ЖКнын депутаттыгына талапкерлер

№ 5 Ноокат, № 29 Свердлов жана № 36 Ысык-Көл бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо КР ЖКнын депутаттыгына талапкер катары үч шайлоо округу боюнча мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышуу ниети жөнүндө 44 жаран арыз берген, алар:

- № 5 Ноокат округу боюнча – 12 талапкер, анын ичинен 2 аял;
- № 29 Свердлов округу боюнча – 12 талапкер, анын ичинен 1 аял;
- № 36 Ысык-Көл округу боюнча – 20 талапкер.

7 талапкер - мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышуу үчүн арызын кайтарып алган.

3 талапкерге - каттоо үчүн зарыл болгон документтерди тапшырбагандыктан каттоодон баш тартылган.

Бир мандаттуу үч шайлоо округу боюнча жалпысынан 34 талапкер (31 эркек, 3 аял) катталган, анын ичинде:

– № 5 Ноокат округу боюнча – 9 талапкер, анын ичинен 1 аял;
– № 29 Свердлов округу боюнча - 7 талапкер, анын ичинен 2 аял;
– № 36 Ысык-Көл округу боюнча - 18 талапкер.

КР ЖК депутаттыгына катталган 6 талапкер кайра шайлоого катышуудан баш тартышкан.

№ 5 Ноокат, № 29 Свердлов жана № 36 Ысык-Көл бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттарын шайлоого жалпы 28 талапкер (эркектер – 26, аялдар – 2) катышты, анын ичинен;

– № 5 Ноокат округу боюнча – 9 талапкер, анын ичинен 1 аял;
– № 29 Свердлов округу боюнча – 5 талапкер, анын ичинен 1 аял;
– № 36 Ысык-Көл округу боюнча – 14 талапкер катышты.

## Талапкерлер, алардын өкүлдөрү үчүн тренингдер жана алар менен иштөө

Талапкерлерге жана алардын өкүлдөрүнө бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун өзгөчөлүктөрү, шайлоо процессиндеги ачык-айкындуулуктун жана ишенимдүүлүктүн технологиялары, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнүн тартиби, арыздарды, даттанууларды кароонун тартиби, юридикалык жоопкерчилик, шайлоо өнөктүгүн каржылоо эрежелери жөнүндө маалымат берүү 2024-жылдын 7 жана 8-июнунда бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө тартиби жөнүндө БШК тарабынан катталган талапкерлер жана алардын өкүлдөрү үчүн окуу өткөрүлдү.

Ошондой эле, шайлоо мыйзамдарынын маселелери боюнча талапкерлерди маалымдоо жана консультация берүү максатында WhatsApp мессенджеринде ар бир шайлоо округу үчүн “№ 29 Свердлов шайлоо округу”, “№ 5 Ноокат шайлоо округу”, “№ 36 Ысык-Көл шайлоо округу” боюнча топтору түзүлүп, алардын курамына катталган талапкерлер, ошондой эле алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кирген.

2024-жылдын 7-8-июнунда жогоруда аталган бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо боюнча талапкерлердин ортосунда мыйзамдын алкагында шайлоо өткөрүү жөнүндө Меморандумга кол коюлган.

## Талапкерлер менен БШКнын мүчөлөрүнүн жана укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн жолугушуулары

Кыргыз Республикасынын Президентинин тапшырмасы боюнча БШК бардык үч шайлоо округунда укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн талапкерлер менен жолугушуусун уюштурду.

№ 29 Свердлов округу боюнча депутаттыкка талапкерлер менен жолугушууга БШКнын мүчөлөрү, КР ички иштер министри У. Ниязбеков, КР ИИМдин кызматкерлери, Бишкек шаардык прокуратурасынын өкүлдөрү жана Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматынын (мындан ары - КР УКМК) кызматкерлери катышты.

БШКнын мүчөлөрү, укук коргоо органдарынын өкүлдөрү № 5 Ноокат жана № 36 Ысык-Көл округдарынын депутаттыгына талапкерлер менен жолугушууларга катышты.

Жолугушуулардын негизги максаттары болуп, алдыдагы шайлоого даярдык көрүү, өткөрүү маселелерин талкуулоо, пикир алмашуу, сунуштарды угуу, ошондой эле добуш берүүнүн жана добуштарды эсептөөнүн жол-жоболорун демонстрациялоо, талапкерлердин ортосунда кол коюлган Меморандумдун негизги пункттарын эске алуу болуп саналат.

Үч шайлоо округу боюнча КР ЖКнын депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде коомдук тартипти камсыз кылуу максатында КР ИИМдин 2 600 кызматкери күчөтүлгөн режимде иш алып барышты

КР ИИМде ыкчам штаб түзүлүп, 175 шайлоо участогунда 350 кызматкер участкалардын ичинде, 750 кызматкер участкалардын сырттарында тартипке көз салышты. Мыйзам бузууларды каттоо үчүн документтештирилген 25 топ түзүлүп, алардын курамына КР ИИМдин 110 тажрыйбалуу кызматкерлери кирген. Жол коопсуздугун камсыз кылуу жана жол кырсыктарынын алдын алуу максатында Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын 1 500 кызматкерлери үч шайлоо округунда кызмат өтөштү. Шайлоо мезгилиндеги мыйзам бузууларга ыкчам чара көрүү жана алдын алуу үчүн жергиликтүү деңгээлде 511 автопатруль түзүлүп, алар күндүз жана түнкүсүн кызмат өтөп турушту.

**<u>Шайлоолорду маалыматтык камсыз кылуу</u>**

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” конституциялык Мыйзамга ылайык, шайлоону маалыматтык камсыздоо жарандарды маалымдоону, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнү камтыйт жана жарандардын өз эркин билдирүүсүнө, шайлоонун ачык-айкындуулугуна көмөк көрсөтүүгө багытталган.

№ 5 Ноокат, № 36 Ысык-Көл жана № 29 Свердлов бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону өткөрүү үчүн БШК тарабынан 8 жалпыга маалымдоо каражаттары: 2 басма сөз, 1 радио, 5 телекөрсөтүү аккредитацияланды.

Шайлоо алдындагы үгүт иштеринин алкагында 2024-жылдын 24-июнунан 27-июнуна чейин УТРК, “УТРК Ош Ынтымак” жана “УТРК Ысык-Көл” телеканалдарында теледебаттар өткөрүлдү.

Шайлоо процессинин катышуучуларына КР ЖКнын депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө маалымдоо максатында 6 видео ролик жана 5 видео кайрылуу, 14 маек, 8 түз эфир, 16 телерепортаж, интернет-басылмаларда 38 жаңылык материалдары даярдалды.

Шайлоо алдындагы өнөктүктүн алкагында Ноокат, Свердлов жана Ысык-Көл округдук шайлоо комиссиялары жергиликтүү өз алдынча башкаруу (мындан ары – ЖӨБ) органдары менен бирдикте КР ЖКнын депутаттыгына талапкерлердин шайлоочулар менен жолугушууларын өткөргөн.

**<u>Мессенджерлер аркылуу шайлоочуларды маалымдоо</u>**

Талапкерлерди жана шайлоочуларды маалымдоо үчүн шайлоолорго шайлоочулардын ативдүү катышуусу үчүн чакырык менен күн сайын “№ 29 Свердлов

шайлоо округу”, “№ 36 Ысык-Көл шайлоо округу”, “№ 5 Ноокат шайлоо округу” WhatsApp топторуна видео роликтер жөнөтүлүп турду (Белгилүү инсандардын шайлоочуларга кайрылуусу: журналист - Асел Тилек кызы; театр актёру - Канат Шабдалиев; Бакыт Бакетаев - саясат таануучу; Ноокат шаарынын тургуну - Марсел Абдыкеримов; Ноокат шаарынын тургуну - Алтын Ашиева) жана маалыматтык плакаттар (“Добушту сатканың – абийирди сатканың”, “Таза шайлоо элдин колунда”, “Татыктуу талапкер, таза шайлоо – татыктуу жашоо”, “Баарыбыз шайлоого”, “Таза ниет – таза шайлоо”, “Округдан татыктууну тандоо”).

**Гезиттер**

КР ЖКнын депутаттыгына талапкерлер жөнүндө шайлоочуларга маалымдоо максатында, БШК “Эркин-Тоо”, “Ноокат таңы”, “Ысык-Көл кабарлары” гезиттерине маалыматтарды жарыялады.

**“Электрондук талапкер” маалыматтык ресурсу**

“Талапкер” маалыматтык ресурсунда КР ЖКга депутаттыкка мөөнөтүнөн мурда шайлоого катыша турган талапкерлердин тизмеси жарыяланды.

“Талапкер” http://talapker.shailoo.gov.kg ресурсунда шайлоочулар үчүн талапкерлер, алардын шайлоо алдындагы программалары жана шайлоо фондуларындагы каржы каражаттарынын кыймылы жөнүндө маалыматтарды берүүгө багытталган.

**Басма сөз продукциясынын басылмалары**

5 911 нускада басма сөз продукциясы чыгарылды, алар:

– мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календарлык планы – 300 нуска;

– шайлоо комиссиялары үчүн методикалык материалдар (колдонмолор, жыйнактар) – 252 нуска;

– методикалык материалдар (жыйнактар) – 86 нуска;

– шайлоо участкалары үчүн белгилер, календарлар – 350 нуска;

– көрнөк-жарнактар – 30 даана;

– маалыматтык плакаттар (ОШК, УШК тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыгын белгилөө тартиби, шайлоочулардын шайлоо участкасында добуш берүү тартиби, административдик ресурс, добуштарды сатып алуу, юридикалык жоопкерчилик, байкоочуларга) – 3 103 даана;

– КР ЖКнын депутаттыгына талапкерлер жөнүндө маалыматтык плакаттар – 1 790 даана.

**Шайлоочулар үчүн билдирме**

**2024-жылдын 30-июнуна** дайындалган КР ЖК депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоого жарандардын катышуусу үчүн шарттарды түзүү жана маалымдоо максатында, БШК шайлоочулардын акыркы тизмесин эске алуу менен добуш берүүнүн орду жана убактысы жөнүндө 311 363 билдирме даярдады.

Жогорудагы билдирмелер **2 214** участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү тарабынан төмөнкүдөй санда жеткирилди:

– № 5 Ноокат шайлоо округу боюнча – **91 057**;

– № 29 Свердлов шайлоо округу боюнча – **122 975**;

– № 36 Ысык-Көл шайлоо округу боюнча – **97 331**.

Мындан тышкары, БШК Кыргыз Республикасынын уюлдук операторлору “MEGA” (“Альфа Телеком” ЖАК), “О!” (“НУР Телеком” ЖЧКсы) менен бирге аталган округдарда жашаган шайлоочуларга маалымдоо аркылуу маалыматтык билдирмелерди (СМС) жиберген.

## Шайлоону финансылык камсыз кылуу. Талапкерлердин шайлоо фонддору

2024-жылдын 28-апрелине дайындалган № 5 Ноокат, № 29 Свердлов жана № 36 Ысык-Көл бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана уюштурууга чыгымдардын сметасы БШКнын
2024-жылдын 3-майындагы жана 2024-жылдын 6-июнундагы № 66 токтому менен 30 753,3 миң сом өлчөмүндө бекитилген.

КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана уюштурууга чыгымдардын сметасынын аткарылышы жөнүндө маалымат:

**миң сом**

| Көрсөткүчтөр | Бөлүнгөн жалпы каражаттар | Иш жүзүндө сарпталганы | Калдыгы (үнөмдөө) |
|---|---|---|---|
| **КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо (2024-жылдын 30 -июну)** | 30 753,3 | 29 357,6 | 1 395,7 |

**Талапкерлердин шайлоо фонддору**

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттыгына **28** талапкер шайлоо фонддорун түздү.

Бир мандаттуу үч шайлоо округу боюнча талапкерлердин шайлоо фонддорунун атайын эсебине жалпысынан **27 910,2 миң сом** түшкөн. Шайлоо өнөктүгүн жүргүзүүгө байланыштуу чыгымдарды жабууга бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкерлердин шайлоо фонддорунан **25 581,5 миң сом** сарпталды.

Талапкерлердин атайын эсептериндеги акча каражаттарынын калдыгы **2 387,7 миң сомду** түздү. Калган сумма кайрымдуулук кылган адамдарга кайтарылып берилүүгө тийиш.

БШКнын депозиттик эсебине түшкөн шайлоо күрөөлөрүнүн жалпы суммасы **3 500,0 миң сомду** түздү (шайлоо күрөөсү бир талапкерге 100 миң сом).

Жалпы талапкерлерге шайлоо күрөөсүн кайтарып берүүнүн жалпы суммасы **2 300,0 миң** сомду түздү.

Республикалык бюджеттин кирешесине чегерилүүчү сумма **1 200,0 миң сомду** түздү.

## Шайлоолордун мыйзамдуулугун жана коопсуздугун камсыз кылуу

2024-жылдын 28-апрелине дайындалган № 5 Ноокат, № 29 Свердлов жана № 36 Ысык-Көл бир мандаттуу шайлоо округдарында мөөнөтүнөн мурда шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүү мезгилинде шайлоо мыйзамдарын бузуу боюнча **51 арыз жана даттануу** катталган. Келип түшкөн бардык арыздар жана даттануулар каралып, алар боюнча чечимдер кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жазуу жүзүндө жооптор берилди.

**№ 5 Ноокат бир мандаттуу шайлоо округу боюнча 26 арыз жана даттануу келип түшкөн**, анын ичинен: ЫЧККТга – 11, шайлоочулардын арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча жумушчу топко – 14, контролдук-текшерүү тобуна – 1.

Арыздарды жана даттанууларды кароонун жыйынтыгы боюнча: айып пул түрүндөгү жаза – 6, талапкерге эскертүү – 1, факты тастыкталбаган/кылмыш ишин козгоодон баш тартуу – 15, арыз ээси арызын кайтарып алуу – 3, каралганы – 1.

Талапкерлерге, алардын өкүлдөрүнө жана шайлоо процессинин субъекттерине салынган айып пулдун жалпы суммасы 47 500 сомду түздү:

28.05.2024-ж. БШКнын № 142 токтому менен шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузгандыгы үчүн, талапкер А. Абдивалиевге Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” Кодексинин 6-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, 75 эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө (7 500 сом) айып салынды.

06.11.2024-ж. БШКнын № 208 токтому менен шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн Ноокат РЭСинин башчысы У. Мурзамудин уулуна Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” Кодексинин 60-беренесине ылайык, 100 эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө (10 000 сом) айып салынган.

11.06.2024-ж. БШКнын № 209 токтому менен үгүт иштеринин мөөнөттөрү бузулгандыгына байланыштуу, талапкер С. Төлөнбаевге Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” Кодексинин 65-беренесине ылайык, 75 эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө (7 500 сом) айып салынган.

13.06.2024-ж. БШКнын № 216 чечими менен талапкерлер С. Төлөнбаевге жана К.Кылановго Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” Кодексинин 5-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, 75 эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө (7 500 сом) айып салынды.

30.06.2024-ж. Жумушчу топтун чечими менен талапкер С. Төлөнбаевге Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” Кодексинин 65-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, 75 эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө (7 500 сом) айып салуу сунушталган.

**№ 36 Ысык-Көл шайлоо округу боюнча 9 арыз жана даттануу келип түшкөн**, анын ичинен: ЫЧККТга – 2, шайлоочулардын арыздарын жана даттанууларын карооо боюнча жумушчу топко – 5, ОШКга – 2.

Арыздарды жана даттанууларды кароонун жыйынтыгы боюнча: айып пул түрүндөгү жаза – 2, арызды канааттандыруудан баш тартуу – 1, укук коргоо органдарынын маалыматы эске алынганы – 1, түшүндүрмө берилгени – 1, арыз ээлери арызын кайтарып алганы – 1, тастыкталбаган маалыматтар – 1, каралып чыкканы – 1.

Талапкерлерге, алардын өкүлдөрүнө жана шайлоо процессинин субъекттерине салынган айып пулдардын жалпы суммасы 25 000 сомду түздү:

31.05.2024-ж. БШКнын № 173 токтому менен шайлоо алдындагы үгүт иштеринин шарттарын бузгандыгы үчүн талапкер А. Мазымкановго Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” Кодексинин 65-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, 75 эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө (7 500 сом) айып пул салынган.

29.06.2024-ж. БШКнын № 236 токтому менен талапкер Б.С. Турусбеков жөнүндө чындыкка дал келбеген маалыматтарды ЖМК тарабынан тараткандыгы үчүн, “Азия Ньюс” гезити, Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” Кодексинин 67-беренесине ылайык 175 эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө (17 500 сом) айып пул салынган.

**№ 29 Свердлов шайлоо округу боюнча 16 арыз жана даттануу келип түшкөн**, анын ичинен: ЫЧККТга– 9, шайлоочулардын арыздарын жана даттанууларын карооо боюнча жумушчу топко – 7.

Арыздарды жана даттанууларды кароонун жыйынтыгы боюнча айып пул түрүндө жаза – 3, арызды канаатандыруудан баш тартуу – 2, кылмыш ишин козгоодон баш тартуу – 9 (мыйзамдуулугу текшерилген – 5), бузуулардын калыбына келтирилгени – 2.

Талапкерлерге, алардын өкүлдөрүнө жана шайлоо процессинин субъекттерине салынган айып пулдардын жалпы суммасы 22 500 сомду түздү:

26.06.2024-ж. БШКнын № 229 токтому менен шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузгандыгы үчүн талапкер Алмаз уулу Аскарга, Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” Кодексинин 65-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, 75 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө (7 500 сом) айып салынды.

26.06.2024-ж. БШКнын № 239 чечими менен талапкер Ж.М.Салымбеков тарабынан шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузгандыгы үчүн, Кыргыз

Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” Кодексинин 65-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, 75 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө (7 500 сом) айып салынды.

26.06.2024-ж. БШКнын № 238 чечими менен талапкер Ч.С. Сапарбаевге шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузгандыгы үчүн, Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” Кодексинин 65-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, 75 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө (7 500 сом) айып салынды.

Арыздар жана даттануулар боюнча маалымат менен төмөнкү шилтеме аркылуу таанышууга болот: https://shailoo.gov.kg/ru/reestr-zhalob-i-narushenij-na-vyborah-dep-zhk-kr-30-iyunya-2024/

## Добуш берүүнүн жыйынтыктары, натыйжаларын белгилөө

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 33-беренесине ылайык, шайлоочулардын тизмесине киргизилген, бирок ден соолугуна же майыптуулугуна байланыштуу добуш берүү үчүн шайлоо участогуна келе албаган шайлоочулар добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүүгө укуктуу.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу боюнча бардыгы болуп **993** арыз түшкөн, алар: № 5 Ноокат шайлоо округу боюнча - **299**, № 36 Ысык-Көл шайлоо округу боюнча - **100**, № 29 Свердлов шайлоо округу боюнча - **594**.

2024-жылдын 29-июнунда шайлоо участкаларынан тышкары жалпысынан **918** шайлоочу добуш берди, анын ичинде:

– № 5 Ноокат округу боюнча **282** шайлоочу (94,31%);
– № 29 Свердлов округу боюнча **547** шайлоочу (92,09%);
– № 36 Ысык-Көл округу боюнча **89** шайлоочу (89,00%).

2024-жылдын 30-июнунда добуш берүү болуп өттү.

| № | Округдардын аталышы | Шайлоочулардын саны | Добуш бергендердин саны | % |
|---|---|---|---|---|
| **бардыгы** | | **311 363** | **63 932** | **20,50%** |
| 1 | № 5 Ноокат округу | 91 057 | 25 701 | 28,23% |
| 2 | № 29 Свердлов округу | 122 975 | 16 425 | 13,36% |
| 3 | № 36 Ысык-Көл округу | 97 331 | 21 807 | 22,40% |

2024-жылдын 30-июнундагы № 5 Ноокат бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө Ноокат округдук шайлоо комиссиясынын 2024-жылдын 4-июлундагы протоколуна ылайык, добуш берүүгө 25 701 шайлоочу катышты, бул округдагы шайлоочулардын тизмелерине киргизилгендердин 28,23% түздү.

Талапкерлер шайлоочулардын төмөнкүдөй сандагы добуштарын алышты:

1. Дуванаева Гулнара Качыбековна – 360 добуш (1,40%);
2. Марипов Бакытбек Асамидинович – 11 596 добуш (45,12%);
3. Абдивалиев Артыкбай Турабидинович – 4 759 добуш (18,52%);
4. Ажикулов Бакытбек Турсуналиевич – 627 добуш (2,44%)
5. Толонбаев Санжарбек – 1 785 добуш (6,95%);
6. Кудайбердиев Элдар Абдималикович – 2 222 добуш (8,65%);
7. Айдосов Айболот Абдурахманович – 511 добуш (1,99%);
8. Абдикеримов Каныбек Айдарович – 158 добуш (0,61%);
9. Кыланов Касымбек Омурбекович – 3 308 добуш (12,87%);
10. “Баарына каршы” позициясы үчүн 101 шайлоочу (0,39%) добуш беришти.

2024-жылдын 30-июнундагы № 29 Свердлов бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө Свердлов округдук шайлоо комиссиясынын 2024-жылдын 3-июлундагы протоколуна ылайык, добуш берүүгө 16 425 шайлоочу катышкан, бул округдагы шайлоочулардын тизмелерине киргизилгендердин 13,36% түздү.

Талапкерлер шайлоочулардын төмөнкүдөй сандагы добуштарын алышты:

1. Салымбеков Жумабек Мамытбаевич – 10 623 добуш (64,68%);
2. Сапарбаев Чынгыз Сатыбалдыевич – 780 добуш (4,75%);
3. Турпанов Милан Калыбекович – 131 добуш (0,80%);
4. Карамушкина Ирина Юрьевна – 1 930 добуш (11,75%)
5. Алмаз уулу Аскар – 2 461 добуш (14,98%);
6. “Баарына каршы” позициясы үчүн 376 шайлоочу (2,29%) добуш беришти.

2024-жылдын 30-июнундагы № 36 Ысык-Көл бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө Ысык-Көл округдук шайлоо комиссиясынын 2024-жылдын 3-июлундагы протоколуна ылайык, добуш берүүгө 21 807 шайлоочу катышкан, бул округдагы шайлоочулардын тизмелерине киргизилгендердин 22,40% түздү.

Талапкерлер шайлоочулардын төмөнкүдөй сандагы добуштарын алышты:

1. Турсунакунов Сулайман Сагынбекович – 174 добуш (0,80%);
2. Искаков Эртай Дуйшобекович – 1 696 добуш (7,78%);
3. Момбеков Бактыбек Карыпович – 1 192 добуш (5,47%);
4. Мазымканов Атабек Дюшенович – 177 добуш (0,81%);
5. Сартманов Мухтар Аликович – 2 055 добуш (9,42%);
6. Есенгулов Руслан Урустанбекович – 2 692 добуш (12,34%);
7. Тукунов Аманат Шакирбекович – 881 добуш (4,04%);
8. Усенгазиев Темирболот Усенгазиевич – 2 659 добуш (12,19%;
9. Турусбеков Бактыбек Сагындыкович – 2 803 добуш (12,85%);
10. Тентимишев Султан Таалайбекович – 1 153 добуш (5,29%);
11. Мукамбетов Джакшылык Мамбетказиевич – 486 добуш (2,23%);
12. Асипов Самат Баялиевич – 998 добуш (4,58%);
13. Кадыров Кубанычбек Бекбосунович – 806 добуш (3,70%);
14. Тыналиев Айжигит Казакбаевич – 3 498 добуш (16,04%);
15. “Баарына каршы” позициясы үчүн 386 шайлоочу (1,77%) добуш беришти.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча **2024-жылдын 30-июнунда өткөн** КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда **шайлоо өттү деп табылды.**

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 64-беренесинин 5-1-бөлүгүнө ылайык, бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КР ЖКнын шайланган депутаты болуп төмөнкүлөр таанылды:

– № 5 Ноокат бир мандаттуу шайлоо округу боюнча 2024-жылдын 5-июлундагы № 78 БШКнын токтому менен **Марипов Бакытбек Асамидинович;**

– № 29 Свердлов бир мандаттуу шайлоо округу боюнча 2024-жылдын 4-июлундагы № 75 БШКнын токтому менен **Салымбеков Жумабек Мамытбаевич;**

– № 36 Ысык-Көл бир мандаттуу шайлоо округу боюнча 2024-жылдын 4-июлундагы № 76 БШКнын токтому менен **Тыналиев Айжигит Казакбаевич**.

2024-жылдын 7, 8-июлунда БШК жогоруда аталган жактарды КР ЖКнын депутаты катары каттоо менен белгиленген үлгүдөгү күбөлүк жана төш белгилер тапшырды.

## 1.3. 2024-ЖЫЛДЫН 22-СЕНТЯБРЫНДАГЫ № 13 СУЗАК БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛОО

№ 13 Сузак бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КР ЖКнын депутаты Т.И. Икрамовдун ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыгына байланыштуу "№ 13 Сузак бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 24-июлундагы № 204 Жарлыгы менен № 13 Сузак бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо **2024-жылдын 22-сентябрына** дайындалган.

**Шайлоочулардын тизмеси**

№ 13 Сузак округу боюнча шайлоочулардын тизмесине **124 429** шайлоочу киргизилген, анын ичинде 62 373 – эркектер (50,13%), 62 056 – аялдар (49,87%).

**81** шайлоо участогунда түзүлгөн ДМЧА жарандардын муктаждыктары картасына ылайык, ДМЧА шайлоочулардын саны **123** адамды түзсө, **50** шайлоо участкасында **81** ДМЧА жаран добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн сурап кайрылган, **70** адам добуш берген.

**Шайлоо участкалары, шайлоо комиссиялары**

№ 13 Сузак округу боюнча добуш берүүнү өткөрүү **үчүн 81** шайлоо участкасы түзүлүп, анын 67синде (83%) пандустар орнотулган.

№ 13 Сузак округу боюнча шайлоону уюштурууга Сузак ОШКнын **13** мүчөсү жана УШКнын **1 004** мүчөсү тартылган.

2024-жылдын 26-августунан 31-августуна чейин шайлоо комиссияларынын (1 017 адам) мүчөлөрү шайлоонун негизги аспектилери, анын ичинде шайлоо мыйзамдарынын ченемдери жана төмөндөгү маселелер боюнча окуудан өтүштү.

Шайлоо комиссиялары бардык зарыл болгон методикалык материалдар: ОШКнын, УШКнын колдонмолору жана жыйнактары, талапкерлер, саясий партиялар үчүн жыйнак, плакаттар, календарлар, жарнак-көрнөктөр менен камсыз болгон.

**Шайлоочулар үчүн билдирмелер**

№ 13 Сузак округу боюнча 2024-жылдын 22-сентябрына дайындалган КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо жөнүндө, жарандардын шайлоого катышуусуна шарттарды түзүү, ошондой эле аларды маалымдоо максатында БШК тарабынан шайлоочуларга **124 429** билдирмелер даярдалып, таратылган.

**КР ЖКнын депутаттыгына талапкерлер**

№ 13 Сузак округу боюнча КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо жалпысынан **15** талапкер (эркектер – 12, аялдар – 3) көрсөтүлгөн:

– катталганы – **9** талапкер (эркектер – 7, аялдар – 2);

– **5** талапкер мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышуу үчүн арызын кайра чакыртып алган;

– талапкерди каттоо үчүн зарыл болгон документтерди тапшырбагандыктан каттоодон баш тартылды - **1**;

– катталгандан кийин баш тартышты – 2.

№ 13 Сузак округу боюнча КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоого бардыгы 7 талапкер (6 эркек, 1 аял) катышты.

**Шайлоорлорду маалыматтык камсыз кылуу**

БШК, 2024-жылдын 28-августунда № 13 Сузак округу боюнча КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышкан депутаттыкка талапкерлер жана алардын өкүлдөрү үчүн окуу өткөрдү.

Шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын КР ЖКнын депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө маалымдоо максатында БШК **3 995** нускада ар кандай типтеги басма сөз продукцияларын, анын ичинде КР ЖКнын депутаттыгына талапкерлер жөнүндө, ОШК, УШК тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыгын белгилөө тартиби жөнүндө, шайлоочулардын шайлоо участкасында добуш берүү тартиби жөнүндө, административдик ресурс жөнүндө, юридикалык жоопкерчилик жөнүндө, байкоочулар жөнүндө, Брайль арибиндеги плакаттары ж.б. маалыматтык плакаттарды басып чыгарды.

Коомдук жайларга 20 билборд (маалымат тактасы) илинген.

Талапкерлердин үгүт иштерин чагылдыруу үчүн 9 ЖМК жана бир интернет-басылма аккредитациядан өттү, анын ичинде: 3 басма сөз; 1 интернет-басылма; 2 радио; 4 телеканал.

Шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка катышуучуларына КР ЖКнын депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө маалымдоо максатында 5 видео ролик даярдалып, 10 интервью, 6 түз эфир, 9 телерепортаж жүргүзүлдү, интернет басылмаларында 25 маалымат материалы чыгарылып, «УТРК Жалал-Абад ТВ» телеканалында теледебаттар өткөрүлгөн.

**Шайлоону финансылык камсыз кылуу. Талапкерлердин шайлоо фонддору**

№ 13 Сузак округу боюнча КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана уюштурууга чыгымдардын сметасы, БШКнын 2024-жылдын 25-июлундагы № 88 токтому менен **12 216,8 миң сом өлчөмүндө** бекитилген.

КР ЖКнын депутатын шайлоону даярдоого жана уюштурууга чыгымдардын сметасынын аткарылышы жөнүндө маалымат:

*миң сом*

| Көрсөткүчтөр | Бөлүнгөн жалпы каражаттар | Иш жүзүндө сарпталганы | Калдыгы (үнөмдөө) |
|---|---|---|---|
| **КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо (2024-жылдын 22-сентябры)** | 12 216, 8 | 11 537, 2 | 679,6 |

**Талапкерлердин шайлоо фонддору**

КР ЖКнын депутаттыгына **9** талапкер шайлоо округу боюнча шайлоо фонддорун түздү.

Талапкерлердин шайлоо фонддорунун атайын эсебине жалпысынан **2 829,2 миң сом** түшкөн. Шайлоо өнөктүгүн жүргүзүүгө байланыштуу чыгымдарды жабууга талапкерлердин шайлоо фонддорунан **2 366,0 миң сом** сарпталды.

Талапкерлердин атайын эсебинде калган каражат **460,2 миң** сомду түздү. Калган сумма кайрымдуулук кылган адамдарга кайтарылып берилүүгө тийиш.

БШКнын депозиттик эсебине шайлоо күрөөсү катары **900,0 миң сом** түшкөн.

Республикалык бюджеттин кирешесине чегерилүүчү жалпы сумма **700,0 миң сомду** түздү, **200,0 миң сом** республикалык бюджеттин кирешесине которулду.

## Шайлоонун мыйзамдуулугун жана коопсуздугун камсыз кылуу

№13 Сузак округу боюнча депутатты шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүү мезгилинде шайлоо мыйзамдарын бузуу боюнча жалпысынан 9 арыз жана даттануу катталган. Келип түшкөн бардык арыздар жана даттануулар каралып, алар боюнча чечимдер кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жазуу жүзүндө жооптор берилди.

КР ИИМдин Маалыматты эсепке алуунун электрондук журналында 8 арыз катталган. Келип түшкөн маалыматты кароонун жыйынтыгы боюнча, КР КЖПКнын кодексинин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна (жосунда кылмыш курамы болбогондо) ылайык, кылмыш ишин козгоодон баш тартылган. Ал эми БШК тарабынан бир даттануу боюнча арызды канааттандыруудан баш тартуу чечими кабыл алынган.

Арыздар жана даттануулар боюнча маалымат менен төмөнкү шилтеме аркылуу таанышууга болот: https://shailoo.gov.kg/ru/reestr-zhalob-narushenij-dep-kyrg-resp-po-suzakskomu-okr-13-nazn-na-22-sen-2024-g/

## Добуш берүүнүн жыйынтыктары, натыйжаларын белгилөө

Шайлоо округу боюнча шайлоочулардын тизмелерине кирген шайлоочулардын саны **124 427**, добуш берүүгө **21 057** (16,92%) шайлоочу катышты.

2024-жылдын 22-сентябрында болуп өткөн №13 Сузак округу боюнча КР ЖКнын депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө Сузак ОШКнын 2024-жылдын 25-сентябрындагы протоколуна ылайык, добуш берүүгө **21 057** шайлоочу катышкан, бул округдагы шайлоочулардын тизмелерине киргизилгендердин 16,92% түздү.

Талапкерлер шайлоочулардын төмөнкүдөй сандагы добуштарын алышты:

1. Бегматов Бейшенбек Саматович – 212 добуш (1,01%);
2. Кылычбаев Алтынбек Таирович – 10 174 добуш (48,2%);
3. Лилиенталь Юлия Викторовна – 749 добуш (3,56%);
4. Кошалиев Мелисбек Ысманалиевич – 2 435 добуш (11,56%);
5. Сейдахматов Жыргалбек Орозбекович – 2 493 добуш (11,84%);
6. Сапарбаев Медербек Мусаевич – 3 280 добуш (15,58%);
7. Арапбаев Асилбек Ормонович – 1 351 добуш (6,42%);
8. “Баарына каршы” позициясына 134 шайлоочу (0,64%) добуш берген.

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамынын 64-беренесине жана БШКнын 2024-жылдын 26-сентябрындагы № 150 токтомуна ылайык, **Кылычбаев Алтынбек Таирович** № 13 Сузак бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КР ЖКнын депутаты болуп шайланган.

2024-жылдын 30-сентябрындагы № 151 токтому менен КР ЖКнын депутаты болуп катталган жана белгиленген үлгүдөгү күбөлүк жана төш белги ыйгарылган.

## 1.4. 2024-ЖЫЛДЫН 17-НОЯБРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО

**Административдик-аймактык реформа. Жергиликтүү кеңештерди таркатуу жана КР жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө**

"Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 370 Жарлыгы менен административдик-аймактык реформа (ААР) демилгеленген.

Реформаны мыйзамдык жактан камсыздоо максатында, КР ЖК төмөнкү ченемдик укуктук актыларды кабыл алды:

1) "**Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлиндеги администрациялык-аймактык бирдиктер жөнүндө**" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2024-жылдын 2-августунда күчүнө кирген);

2) "**Административдик-аймактык реформанын алкагында Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө"** Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2024-жылдын 31-августунда күчүнө кирген);

3) "**Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлиндеги администрациялык-аймактык бирдиктер жөнүндө"** Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2024-жылдын 17-сентябрында күчүнө кирген).

"Административдик-аймактык реформанын алкагында Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамынын 15-беренесине ылайык, айыл аймактары жана шаарлар деңгээлиндеги административдик-аймактык бирдиктердин чек араларынын өзгөрүшүнө, алардын кайра уюштурулушуна, ошондой эле аймактык түзүлүштүн жалпы түзүмүнүн өзгөрүшүнө байланыштуу жергиликтүү кеңештер таркатууга жатат.

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 42-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, "Тиешелүү административдик-аймактык бирдик боюнча мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып 30 күндүн ичинде, эгерде мыйзамда башкача мөөнөт каралбаса, кайра уюштурууга байланыштуу жергиликтүү кеңешти таркатуу жөнүндө Президенттин Жарлыгы чыгарылууга тийиш".

Аймактарда өз алдынча башкаруу системасын оптималдаштыруунун алкагында бир эле учурда бардык жергиликтүү кеңештердин ишин кайра баштоо чечими кабыл алынды. **Административдик-аймактык реформанын жүргүзүлүшү жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону уюштуруу үчүн укуктук негиз түздү.**

"Административдик-аймактык реформанын алкагында Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболорун эске алуу менен 2024-жылдын 6-сентябрында "**Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештерин таркатуу жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы** чыккан.

**Аталган Жарлыкка ылайык:**

- Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет;
- шайлоо иш-чараларынын башталыш датасы катары 2024-жылдын 17-сентябры белгиленген;
- Бишкек жана Ош шаарларынын, ошондой эле Баткен, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош, Талас жана Чүй облустарынын бардык жергиликтүү кеңештери таркатылды.

Кеңештердин таркатылышына негиз болгон жагдайлар — административдик-аймактык бирдиктердин чек араларынын өзгөрүшү, алардын кайра уюштурулушу жана айыл аймактары менен шаарлар деңгээлинде ЖӨБдүн жалпы түзүмүнүн өзгөрүшү болуп эсептелет.

**Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо 2024-жылдын 17-ноябрына белгиленген.**

**264** жергиликтүү кеңешке, анын ичинде **33** шаардык кеңешке жана **231** айылдык кеңешке шайлоо дайындалган.

Реформага чейин өлкөдө жалпы **484** жергиликтүү кеңеш иш алып барган: алардын 32си шаардык, 452си айылдык кеңештер болгон. Натыйжада:

• жалпы кыскартуу **220** кеңешти же 45,45% түздү;

• шаардык кеңештердин саны бирге (Шамалды-Сай шаарынын түзүлүшү менен) көбөйдү;

• айылдык кеңештердин саны **221**ге кыскарды, бул 48,9%га барабар.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен БШКга төмөнкү тапшырмалар берилген:

• жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону колдонуудагы мыйзамдарга ылайык уюштуруу;

• шайлоо өткөрүүдө аралыктан добуш берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу.

**Шайлоолорду укуктук камсыз кылуу**

“Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” 2024-жылдын 30-июлундагы № 156 жана 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 123 Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен (анын ичинде “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, “Борбордун статусу жөнүндө”, “Ош шаарынын статусу жөнүндө” мыйзамдарга) жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү жана сандык курамы боюнча өзгөртүүлөр киргизилген.

Аталган өзгөртүүлөргө ылайык, жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү 4 жылдан 5 жылга узартылды;

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын саны тиешелүү административдик-аймактык бирдиктеги (шайлоо өткөрүлгөн жылдын 1-январына карата статистикалык маалыматтар боюнча) калктын санына жараша белгиленет, бирок бул эрежелер Бишкек жана Ош шаарларына колдонулбайт.

Төмөнкү депутаттардын санынын нормалары белгиленди:

1) Бишкек жана Ош шаарларынын кеңештери - 51 депутат (мурда 45);

2) шаардык жана айылдык кеңештерге:

– 6 000ге чейин – 11 депутат;

– 6 001ден 20 000ге чейин – 21 депутат;

– 20 001ден 70 000ге чейин – 31 депутат;

**– 70 001ден жана андан жогору – 41 депутат.**

Мындай дифференциация ЖӨБ органдарында жашоочулардын тең салмактуу өкүлчүлүгүн камсыз кылууга мүмкүндүк берет, ал административдик бирдиктин масштабдарына жана муктаждыктарына шайкеш келет.

**2024-жылдын 2-августунда № 158 жана 2024-жылдын 30-сентябрында № 167** “Жергиликтуу кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары кабыл алынган.

Кабыл алынган мыйзамдарда шайлоолорду өткөрүүнүн негизги тартибине өзгөртүүлөр каралган эмес, шаардык кеңештер мурдагыдай эле пропорционалдык

система боюнча - партиялар тарабынан талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жолу менен, ал эми айылдык кеңештерге шайлоо - көп мандаттуу округдарда мажоритардык система боюнча шайланат.

**Кабыл алынган өзгөртүүлөргө ылайык, жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоонун айрым эрежелери өзгөрүүдө:**

– шаардык кеңештерге шайлоодо саясий партиялар үчүн шайлоо босогосу 7%дан 5%ке чейин төмөндөтүлдү;

– талапкерлердин тизмесин көрсөтүүдө партиялар кеңештеги мандаттардын санына барабар санда (мурда бир жарым эсе көп) талапкерлерди көрсөтүшөт;

– айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерлер үчүн шайлоо күрөөсү жоюлду (мурда күрөөнүн суммасы 1 000 сом болгон);

– ДМЧА адамдардын активдүү шайлоо укуктарын ишке ашыруу механизмдери кеңейтилүүдө. Алсак, 49-берененин 7-бөлүгү саясий партиялардан шаардык кеңештерге талапкерлердин тизмесин түзүүдө 1ден кем эмес талапкерди - ДМЧА адамды киргизүүгө милдеттүү деген пункт менен толукталды, ДМЧА үчүн шайлоо участкаларынын жеткиликтүү болушуна конкреттүү талаптар белгиленген;

– ар бир шайлоо участкасында шайлоочулардын максималдуу саны 2 500дөн 3 000ге чейин көбөйтүлдү;

– административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланууга жол бербөө боюнча талаптар күчөтүлдү. Алсак, 17-1-беренеде аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун кызматкерлери талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого көмөктөшүүчү ишти жүзөгө ашырууга жол берилбес адамдардын тизмесине кошулган;

– жергиликтүү кеңештин депутаттыгына ат салышкан талапкерлерге кызмат адамдарын шайлоого катышуу жагынан талаптар күчөтүлдү. Ошентип, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер болуу ниети болгондо ыйгарым укуктарын ким убактылуу токтотуп, ким толугу менен токтото тургандыгы боюнча айырмачылыктар белгиленди.

Атап айтканда, шайлоого катышкан учурда төмөнкүлөр ыйгарым укуктары толугу менен токтотулат: депутаттарды, мамлекеттик жана муниципалдык ишканалардын, мамлекеттик (муниципалдык) үлүшү 30 пайыздан ашык болгон юридикалык жактарды жана алардын бөлүмдөрүн кошпогондо, мамлекеттик жана муниципалдык саясий кызматкерлер;

– талапкерлер жана партиялар, эгерде алар үчүн берилген добуштар шайлоо мыйзамдарын бузуунун натыйжасында жараксыз деп табылса, кийинки шайлоого катышууга алдардын  укугу жок экендиги белгиленген, мындай учурларда партия тарабынан төгүлгөн шайлоо күрөөсү кайтарылбайт;

– санариптештирүүгө байланыштуу жеке жол-жоболор такталды - шайлоочуларды идентификациялоо электрондук документтерди колдонуу менен жүргүзүлүшү мүмкүн, талапкерлер жөнүндө бардык маалыматтар БШКна электрондук түрдө берилет, талапкерлерге, саясий партияларга соттолбогондугу жөнүндө маалымкаттарды берүү талаптары алынып салынды.

Ошону менен бирге талапкерлерди соттуулугун жана башкаларын текшерүү ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутумун жана мамлекеттик органдардан тастыктоонун атайын формаларын колдонуу менен жүргүзүлөт, бул талапкерлердин мыйзамдарга ылайык келишин текшерүүдө маалымат үчүн жоопкерчиликти жогорулатууга тийиш;

– АШК ЖӨБ органдарынын сунушу боюнча шайлоо округдарынын схемасын жана чектерин иштеп чыгат (мурда - ЖӨБ органдарынын катышуусу менен);

Ошондой эле округдарды аныктоо шайлоо күнү белгиленгенден кийин 3 календардык күндөн кечиктирбестен калкты каттоо, жер ресурстарын башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары тарабынан берилген маалыматтардын негизинде жүргүзүлөрү такталды;

– 32-1-беренеде шайлоо өткөрүүдө аралыктан же электрондук добуш берүүнү колдонуу мүмкүнчүлүгү каралган. Бирок аралыктан, электрондук добуш берүүнү өткөрүү чечими шайлоо дайындалганда кабыл алынат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктарын эсептөөнүн айрым процедуралары такталган.

Шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоо пропорционалдык система боюнча, айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоо көп мандаттуу округдарда мажоритардык система боюнча өткөрүлөт.

Шаардык кеңештерге талапкерлерди саясий партиялар сунуштайт, айылдык кеңештерге талапкерлерди партиялар жана жарандар өз алдынча талапкерлигин коюу жолу менен көрсөтө алат.

Саясий партия төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө укуктуу:

– **пропорционалдык система боюнча** шайлоо үчүн - ар бир шайлоо округу боюнча ушул жергиликтүү кеңеш үчүн белгиленген депутаттык мандаттардын санынан бир жарым эседен ашпаган сандагы талапкерлер;

– **мажоритардык система боюнча** шайлоо үчүн - ар бир көп мандаттуу шайлоо округу боюнча ошол округ боюнча белгиленген мандаттардын санынан ашпаган сандагы талапкерлер.

## <u>Шайлоо комиссияларынын жумушчу топтору</u>

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу жана шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна чара көрүү максатында **БШКнын төмөнкү жумушчу топтору түзүлдү:**

– арыздарды жана даттанууларды кароо, маалыматтык маселелер жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча, курамына БШКнын мүчөлөрү, БШКнын аппаратынын кызматкерлери, шайлоо боюнча эксперттер, көз карандысыз медиа эксперттери, чакырылган адистер кирет;

– көзөмөлдөө-текшерүү тобу (шайлоолорду жана шайлоо фонддорун каржылоо) курамына БШКнын мүчөлөрү, БШКнын аппаратынын кызматкерлери жана чакырылган адистер кирет;

– ыкчам чара көрүү координациялык тобу, курамына БШКнын мүчөлөрү, БШКнын кызматкерлери, ИИМдин кызматкерлери, УКМКнын жана прокуратура органдарынын өкүлдөрү кирет.

**АШКнын жумушчу топтору:**

– жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча, курамына 3 адамдан кем эмес санда АШКнын мүчөлөрү кирет;

– шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин арыздарын (даттанууларын) кароо боюнча, курамына АШКнын мүчөлөрү, эксперттер, көз карандысыз медиа эксперттер кирет;

– маалыматтык жана шайлоо алдындагы үгүт иштеринин сакталышын көзөмөлдөө боюнча, курамына 3 адамдан кем эмес сандагы АШКнын мүчөлөрү кирет;

– ыкчам чара көрүү координациялык топтору, алардын курамына АШКнын мүчөлөрү, көз карандысыз эксперттер, ИИМдин, УКМКнын жана прокуратура органдарынын өкүлдөрү кирет.

## <u>Шайлоо комиссиялары, шайлоо участкалары</u>

Облустук маанидеги шаарлардын статусу берилгендигине байланыштуу, 2024-жылдын 25-июлундагы БШКнын № 91 токтому менен **Кант жана Кара-Балта АШКлары** түзүлгөн.

2024-жылдын 3-сентябрында БШКнын токтому менен Кант жана Кара-Балта АШКнын резервдери жана курамдары түзүлдү.

264 жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо добуш берүүнү уюштуруу үчүн, **2 437** шайлоо участкасы түзүлүп, анын ичинен **2 105** участка (86,37%) пандустар менен жабдылган.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолордо **56** АШКсы (674 мүчөсү), **2 437** УШКсы (26 653 мүчөсү) иштеди. Оператор катары 10 793 адам, техникалык колдоо тобунун адистери катары 600 адам, ошондой эле коопсуздукту жана тартипти камсыздоого ИИМдин 15 000 кызматкерлери тартылган.

Оптимизациялоонун алкагында, УШКлардын **30 515** мүчөсүнөн **3 862 мүчөсү** кыскартылган.

**2024-жылдын 3-октябрында** БШКнын чечими менен, Бишкек, Ош, Баткен, Жалал-Абад, Каракол, Нарын жана Талас шаарларында **аралыктан добуш берүү үчүн 10 шайлоо участкалары түзүлгөн.**

## Шайлоо округдарынын схемаларын жана чек араларын түзүү

Мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, **ЖӨБ органдарынын ролу күчөтүлдү.** Ушуга байланыштуу ченем киргизилип, ага ылайык көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн аймактык шайлоо комиссиялары ЖӨБ **органдарынын сунушу** боюнча, ушул Мыйзамда белгиленген жоболорду эске алуу менен добуш берүү күнүнө 50 календардык күндөн кечиктирбестен шайлоо округдарынын схемасын жана чек араларынын жоболорун эске алуу менен иштеп чыгышат жана аларды БШКнын бекитүүсүнө киргизет.

**Эски редакцияда шайлоо округдарынын схемалары жана чек аралары ***ЖӨБ органдарынын катышуусу менен*** АШК тарабынан иштелип чыкчу.*

“Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” КР конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 24-пунктуна ылайык, БШК тарабынан административдик-аймактык бирдиктердин чек араларынын өзгөрүшүнө байланыштуу, биринчи кезектеги иш-чаралардын тизмеги иштелип чыккан жана 2024-жылдын 7-августунда КР Министрлер Кабинети менен биргеликте аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарына жана ЖӨБ органдарына андан ары ишке ашыруу үчүн жиберилген.

**2024-жылдын 15-августунан 20-августуна чейин** БШК бардык аймактардын мамлекеттик жана ЖӨБ органдары менен шайлоо округдарынын схемаларын жана чек араларын түзүү, ошондой эле КР жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү маселелери боюнча жумушчу кеңешмелерин өткөргөн.

**2024-жылдын 11-сентябрында** БШК, КР жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо округдарынын схемаларын жана чек араларын түзүү боюнча ЖӨБ органдарынын сунуштарын кароо боюнча Ведомстволор аралык жумушчу топтун курамын бекиткен.

Жумушчу топтун курамына БШКнын мүчөлөрү, КР Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн орун басарлары, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрияларынын, райондук мамлекеттик администрациялардын өкүлдөрү, ЖӨБ органдарынын жетекчилери, калкты каттоо, жер ресурстарын башкаруу, статистика чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын өкүлдөрү, ошондой эле БШК аппаратынын кызматкерлери киришкен.

**2024-жылдын 26-сентябрында** БШК, КР жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо округдарынын схемаларын жана чек араларын түзүү боюнча ЖӨБ органдарынын сунуштарын кароо боюнча Ведомстволор аралык жумушчу топтун отурумун өткөрүп, жыйынга жумушчу топтун мүчөлөрү, анын ичинде аткаруу бийлигинин жана ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү катышкан.

ЖӨБ органдарынын сунуштарынын негизинде, АШК жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо округдарынын схемаларынын жана чек араларынын долбоорлорун айылдык кеңештердин депутаттарынын мандаттарынын 30%дан кем эмесин аялдар үчүн калтырылышын эске алуу менен иштеп чыккан.

**БШКнын 2024-жылдын 26-сентябрындагы № 149 жана 2024-жылдын 1-октябрындагы № 154 токтомдору** менен 2024-жылдын 17-ноябрына дайындалган Бишкек, Ош шаарларынын, КР Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Ош, Талас, Чүй жана Ысык-Көл облустарынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону өткөрүү боюнча шайлоо округдарынын схемалары жана чек араларын бекиткен.

ЖӨБ органдарынын сунушу боюнча республика боюнча **1 293** шайлоо округу, анын ичинен шаардык кеңештерде – 33 бирдиктүү округ, айылдык кеңештерде – **1 260** көп мандаттуу округдар түзүлгөн.

Республика боюнча мандаттардын саны **6 384** болсо, анын ичинен шаардык кеңештерде – **993**, айылдык кеңештерде – **5 391** түздү.

ААРга чейин мандаттардын саны – **9 062** болсо, анын ичинде шаардык кеңештерде – **920**, айылдык кеңештерде – **8 142** болгон.

Натыйжада, мандаттардын жалпы саны – **2 688** (29,66%) азайып, анын ичинен шаардык кеңештерде – **73** (7,93%) мандатка көбөйүп, ал эми айылдык кеңештерде – **2 751** (33,80%) азайган.

“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 59-1-беренесинин талаптарына ылайык, аялдар үчүн **2 179** мандат сакталган. ААРга чейин аялдар үчүн сакталган орундардын саны **3 160 орун** болгон. Аялдар үчүн резервдик мандаттардын жалпы саны **981** (31,04%) **мандатка** азайган.

**2021-24-жылдар үчүн жергиликтүү кеңештер боюнча салыштырма таблица**

| № | Облустардын, шаарлардын аталышы | Жергиликтүү кеңештердин саны | | Округ-н саны | | УШК-н саны | | Мандат-н саны | | Аялдар үчүн резервдер | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2021 | 2024 | 2021 | 2024 | 2021 | 2024 | 2021 | 2024 | 2021 | 2024 |
| | **Республика боюнча** | **484** | **264** | **1509** | **1293** | **2434** | **2437** | **9062** | **6384** | **3160** | **2179** |
| 1 | Бишкек шаары | 1 | 1 | 1 | 1 | 228 | 268 | 45 | 51 | | |
| 2 | Ош шаары | 1 | 1 | 1 | 1 | 78 | 102 | 45 | 51 | | |
| 3 | Баткен | 37 | 28 | 142 | 136 | 218 | 219 | 827 | 718 | 272 | 230 |
| 4 | Ош | 91 | 61 | 375 | 333 | 515 | 492 | 1981 | 1541 | 742 | 581 |
| 5 | Жалал-Абад | 76 | 47 | 278 | 220 | 452 | 452 | 1696 | 1197 | 560 | 356 |
| 6 | Чуй | 112 | 56 | 317 | 264 | 408 | 369 | 1882 | 1266 | 685 | 434 |
| 7 | Талас | 38 | 17 | 95 | 88 | 117 | 117 | 628 | 377 | 194 | 147 |
| 8 | Нарын | 64 | 28 | 132 | 122 | 169 | 169 | 884 | 558 | 324 | 214 |
| 9 | Ысык-Көл | 64 | 25 | 168 | 128 | 249 | 249 | 1074 | 625 | 383 | 217 |

## Шайлоочулардын тизмеси

Шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнү активдүү шайлоо укугуна ээ, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү болуп саналган жана “Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын бардык жарандары киргизилет.

Тиешелүү айылдык аймактын, шаардын аймагында туруктуу жашаган жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жалпы кызыкчылыктар менен

жергиликтүү жамаат менен байланышкан Кыргыз Республикасынын жараны **жергиликтүү жамааттын мүчөсү** болуп саналат.

БШК, Калкты каттоо жаатындагы ыйгарым укуктуу орган – КР СӨМ менен биргеликте, Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринин (БМКР) маалыматынын негизинде, шайлоочулардын тизмесин жаңылоо күн сайын жүргүзөт.

КР жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодо, акыркы тизмедеги шайлоочулардын саны **4 135 039** шайлоочуну түзсө, анын ичинде эркектер – 2 000 528 (48,38%) ал эми аялдар – 2 134 511 (51,62%).

Шайлоочулардын саны 2024-жылы, 2021-жылга салыштырмалуу – **816 909 (19,75%)** шайлоочуга көбөйгөн.

**<u>Аралыктан добуш беруу</u>**

“Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештерин таркатуу жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 6-сентябрындагы № 256 Жарлыгына ылайык, өлкөдө биринчи жолу аралыктан добуш берүү колдонулду.

Туруктуу катталган жери боюнча шайлоого катыша албаган шайлоочулар үчүн аралыктан добуш берүү уюштурулуп, шайлоо мыйзамдарына киргизилген акыркы өзгөртүүлөргө ылайык, шайлоочуларга иш жүзүндө жашаган жери боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарына добуш берүү мүмкүнчүлүгү жаралды.

БШКнын **2024-жылдын 23-сентябрындагы токтому менен** “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо аралыктан добуш берүүнү уюштуруунун жана өткөрүүнүн, аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобо бекитилген.

БШКнын, **2024-жылдын 3-октябрында** чечими менен Бишкек шаарында - 4, Ош, Баткен, Жалал-Абад, Каракол, Нарын, Талас шаарларында бирден аралыктан добуш берүү үчүн 10 шайлоо участкалары түзүлгөн.

Аралыктан добуш берүүнүн участкаларын ачууда калктын саны, студенттердин көптүгү жана ички миграциянын деңгээли сыяктуу факторлор эске алынды.

Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоодо аралыктан добуш берүүнү каалаган шайлоочулардын арыздарын кабыл алуу пункттары республиканын бардык аймагындагы ЖОЖдордо, калкты тейлөө борборлорунда жана шайлоо участкаларында ачылган.

Шайлоочуларга ыңгайлуу болушу үчүн “Шайлоочунун кабинети” маалыматтык системасы колдонулду, бул аларга аралыктан добуш берүүгө катышуу үчүн арыздарды берүүгө, ошондой эле алардын арыздарынын абалына көз салууга мүмкүндүк берилди.

Аралыктан добуш берүүгө жалпы **9 050** арыз түшүп, анын 72% 18-35 жаштагы шайлоочулардан түшкөн. Арыз бергендердин арасында мамлекеттик органдардын жетекчилери, студенттер, аскер кызматкерлери, вахталык негизде иштегендер ж.б. бар.

**Эң көп арыз (2 134) Бишкек шаарындагы Кыргыз улуттук университетинин башкы корпусунда жайгашкан** кабыл алуу пунктунда каралган.

Каракол шаары боюнча аралыктан добуш берүүгө 1 547 адам арыз берген, алардын көпчүлүгү “Кумтөр” ишканасынын кызматкерлери, Талас шаары боюнча 349 адам арыз менен кайрылса, алардын көпчүлүгүн “Жерүй” ишканасынын кызматкерлери түзгөн, ошондой эле шайлоо күнү вахталык негизде иштеген жана шайлоо участкаларынан алыс жерде иштегендер болгон. Жогоруда белгиленген шайлоочулар үчүн участкалык комиссиялар тарабынан көчмө добуш берүү уюштурулган.

Аралыктан добуш берүүгө **4 994** (55,18%) **шайлоочу** катышкан.

**17.11.2024-ж. жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо аралыктан добуш беришкен шайлоочулдардын саны**

| Шаарлардын аталыштары | АДБ тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны | келүүсү | % |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **9 050** | **4 994** | **55,18** |
| Бишкек ш. | 4 879 | 2 886 | 59,15 |
| Жалал-Абад ш. | 281 | 132 | 46,98 |
| Каракол ш. | 1 547 | 731 | 47,25 |
| Нарын ш. | 111 | 50 | 45,05 |
| Ош ш. | 809 | 421 | 52,04 |
| Талас ш. | 349 | 171 | 49,00 |
| Баткен ш. | 1 074 | 603 | 56,15 |

## Талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо

“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, депутаттар административдик бирдиктин тиешелүү жамаатынын жарандары тарабынан шайланат. Талапкерлер 21 жаштан кем эмес, кеминде орто жалпы билими бар жамааттын мүчөлөрү боло алышат.

Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган же соттун өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратылган жерлерде жүргөн жарандар шайлай албайт жана шайлана албайт. Соттуулугу жоюлбаган адамдар жергиликтүү кеңештин депутаттыгына шайлана алышпайт.

### Шаардык кеңештер

2024-жылдын 7-октябрында саясий партиялардан талапкерлердин тизмесин кабыл алуу аяктаган.

Шаардык кеңештерге **39 с**аясий партия **188** талапкердин тизмесин тапшырган.

Орточо атаандаштык бир мандатка 4 талапкерди түзгөн.

Эң көп партиялык тизмелер төмөнкү шаарларда берилди:

• Кант, Кара-Балта, Токтогул, Базар-Коргон - ар биринде 9 партия;

• Раззаков, Сүлүктү, Балыкчы - ар биринде 8 партия;

• Айдаркен, Көк-Жаңгак, Жалал-Абад, Кочкор-Ата, Майлуу-Суу - ар биринде 3 партия;

• Калган шаарларда - 4төн 8 партияга чейин.

**Бардыгы болуп шайлоого 39 партия катышты, мында:**

| | |
|---|---|
| **32** шаарларда (Жалал-Абад шаарынан тышкары) | “Ынтымак” партиясы |
| **30** шаарларда (Бишкек, Кемин жана Орловка шаарларынан тышкары) | “Жаны Кыргызстан” партиясы |
| **15** шаарларда | “Ишеним” партиясы |
| **14** шаарларда | “Эмгек” партиясы |
| **12** шаарларда | “Адилет” партиясы |
| **11** шаарларда | “Социал-демократ” партиясы |
| **9** шаарларда | “Бирге – Вместе”, “Эл Биримдиги” партиялары |
| **7** шаарларда | “Эл Үмүтү” партиясы |
| **6** шаарларда | “Ыйман Нуру” партиясы |
| **5** шаарларда | “Мурас” партиясы |
| **4** шаарларда | “Мекендеш” партиясы |
| **3** шаарларда | “Энергетик”, “Замандаш” партиялары |

| | |
|---|---|
| **2** шаарларда | “Таза Коом”, “Ордо”, “Милдет”, “Эл Аман” партиялары |

**21 партия талапкерлердин бир тизмесин көрсөтүшкөн:** “Коммунисттер партиясы”, “Улуу Журт”, “Жаны Доор”, “НДПК”, “Калк Ынтымагы”, “Ала-Тоо - кыргыз жери”, “Жаңы күч”, “Элдик Кыймыл”, “Патриот Ынтымагы”, “Жаштар”, “Тынчтык”, “Эркин Эл”, “Бир Бол”, “Биздин Келечек”, “Ата-Мекен”, “Бүтүн Кыргызстан”, “Ак-Нур-Келечек”, “Таза-Булак”, “Адилеттүү Кыргызстан”, “Улуу Кыргызстан”, “Аманат элдик социалисттик партия”.

**2024-жылдын 15-октябрында** тиешелүү АШК 33 шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин каттоону аяктап, жалпысынан **4 928** талапкер катталса, анын **3 183 эркектер, 1 745 аялдар** (35,41%) түзөт.

**2024-жылдын 16-октябрында** шаарларда партиялар арасында шайлоо эрежелерин (анын ичинде социалдык тармактарда үгүт иштерин жүргүзүү) сактоо боюнча Меморандумга кол коюу аземи жана партиялардын бюллетендеги кезегин аныктоо үчүн чүчүкулак өткөрүлдү.

**2024-жылдын 17-ноябрындагы** шайлоого **185** талапкердин тизмеси боюнча жалпысынан **39** саясий партия катышты (Бишкекте Социал-демократтар саясий партиясынын каттоосу жокко чыгарылды, Өзгөндө Социал-демократтар саясий партиясы, Чолпон-Атада Эмгек саясий партиясы катышуудан баш тартышкан).

Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча **172** талапкерлердин тизмеси боюнча **34** саясий партия шайлоочулардын **5** жана андан көп пайызына ээ болгон.

**24 шаарда** шайлоого катышкан бардык саясий партиялар добуштардын 5 жана андан көп пайызын алышкан.

Шаардык кеңештин **993** депутаты шайланып, анын ичинен 7**03** эркектер, **290** (29,20%) аялдар.

Шаардык кеңештерде мандаттар 5%дан ашык добуш алган саясий партиялардын алган шайлоочулардын добуштарынын санына жараша пропорционалдуу бөлүштүрүлдү.

**Айылдык кеңештер**

Шайлоо **1 260 шайлоо округу боюнча 231 айылдык кеңеште** өткөрүлдү.

Айылдык кеңештердин депутаттарына добуш берүү көп мандаттуу шайлоо округдарында жүргүзүлүп, шайлоочулардын көпчүлүк добушун алган талапкерлер шайланды деп эсептелинет. Ошол эле учурда ар бир округда мандаттын 30% кем эмеси аялдар үчүн сакталат.

Айылдык кеңештин депутаттарын шайлоого катышуу үчүн **10 081 талапкер** катталып, атаандаштык **бир мандатка болжол менен 2 адамды** түзгөн. Алардын ичинен **9 984 талапкер** өзүн өзү көрсөтсө, **97** талапкер саясий партиялардан (Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунан “Ынтымак” саясий партиясы) көрсөтүлгөн.

Добуш берүү күнү шайлоого 9 984 талапкерлер катышты, анын ичинен 6 351 (63,61%) эркектер жана 3 633 (36,38%) аялдар.

**Айылдык кеңештерге шайлоонун жыйынтыктары:**

Айылдык кеңештерге жалпы **5 391** депутат шайланды, алардын ичинен:

- **3 143 эркектер** (58,3%),
- **2 248 аялдар** (41,7%).

**231** айылдык кеңештерде 1 260 шайлоо округдары боюнча, **аялдар үчүн 2 178 мандат резервге киргизилген.** Натыйжада:

- квота боюнча **2 164 аял** шайланды,
- квотадан тышкары добуштардын рейтинги боюнча **84 аял** мандат алды.

Ошентип, шайланган бардык депутаттардын ичинен аялдардын үлүшү **41,7%** түздү.

**<u>Шайлоолорду каржылоо</u>**

**БШКнын 2024-жылдын 23-сентябрындагы № 133 токтомуна ылайык, 495 718,4 миң сом** суммасында чыгашалар сметасы бекитилген.

Шайлоону даярдоо жана уюштуруу боюнча бюджеттин аткарылышы жөнүндө маалымат.

**миң сом**

| Көрсөткүчтөр | Бөлүнгөн каражаттар | Иш жүзүндө чыгымдалганы | Калдык (үнөмдөө) |
|---|---|---|---|
| **Чыгашалардын баары:** | **495 718,4** | **434 834,5** | **60 883,9** |

**Саясий партиялардын шайлоо фонддору**

“Түндүк” ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу, банк мекемелеринен алынган маалыматка ылайык, партиялардын шайлоо фонддорунун атайын эсебине **жалпы 95 742,2 миң сом** түшкөн.

Шайлоо өнөктүгүн жүргүзүүгө байланыштуу чыгымдарды жабууга саясий партиялардын шайлоо фонддорунан 90 767,8 миң сом сарпталган.

Саясий партиялардын атайын эсептериндеги акча каражаттарынын калдыгы 4 974,4 миң сомду түзгөн, ал эми калган каражат саясий партиялар аркылуу кайрымдуулук кылган жарандарга кайтарылып берилүүгө жатат.

БШКнын **депозиттик эсебинде** шайлоо күрөөсү катары шаардык кеңештерге талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардан **4 100,0 миң сом** түшкөн.

Партияларга шайлоо күрөөсүн кайтарып берүүнүн жалпы суммасы **1 920,0 миң** сомду түзүп, **2 180,0 миң сом** КРнын республикалык бюджетине чегерилген.

**<u>Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону маалыматтык камсыз кылуу</u>**

Шайлоо процессинин ачыктыгын, айкындыгын камсыз кылууда жана жарандык активдүүлүктүн деңгээлин жогорулатууда шайлоочулардын билими негизги ролду ойнойт. БШК жалпыга маалымдоо каражаттары менен активдүү өз ара аракеттенип, төмөнкүлөрдү камтыган кеңири масштабдуу билим берүү өнөктүгүн ишке ашырды:

• шайлоону өткөрүү мөөнөтү;

• добуш берүү эрежелери;

• катышуучу саясий партиялар, талапкерлер жана алардын программалары.

Шайлоону маалыматтык камсыздоо боюнча БШКнын ишинин негизги багыттары:

**1) ЖМКны аккредитациялоо**:

– БШК **66 ЖМКны жана 16 интернет басылманы** аккредитациядан өткөрдү.

– Бардык аккредитацияланган ЖМКларга пресс-релиздерди жана БШКнын ресурстарына (расмий веб-сайт, Facebook, Instagram, Telegram баракчалары, ошондой эле Google Дисктеги материалдар) шилтемелери бар маалымат каттары үзгүлтүксүз жөнөтүлүп турду.

**2) Саясий партиялардын теледебаттарын уюштуруу жана өткөрүү:**

– Үгүт жүргүзүү өнөктүгү учурунда “УТРК”, “Ош УТРК”, “Жалал-Абад УТРК”, “Нарын УТРК”, “Талас УТРК”, “Чүй УТРК” жана “Ысык-Көл ТВ” телеканалдарында түз эфирде теледебаттар уюштурулду.

– Дебаттар 7 шаарда өтүп, саясий партияларга өз программаларын шайлоочулардын кеңири аудиториясына тартуулоого мүмкүнчүлүк түздү.

**3) Маалыматтык материалдарды иштеп чыгуу жана жайылтуу**

БШКнын маалыматтык ресурстары: расмий сайт жана Facebook, Instagram, Telegram, YouTube'дагы расмий аккаунттары.

БШК тарабынан мамлекеттик жана расмий тилдерде **116 видеоматериал** (ТВ жана социалдык тармактар үчүн видео роликтер, LED экрандар, статикалык телеэкрандар), жарандардын шайлоо укуктарын жана добуш берүү эрежелерин түшүндүргөн жаңылыктар жана башка материалдар даярдалып, өзүнүн платформаларына чыгарылып, **117 релиз** сайтка жайгаштырылып, ЖМКларга жарыялоо үчүн таркатылды.

**БШКнын кызматташтыгы:**

– УТРК, облустук ТВлар, ЭлТР, НТС, Регион ТВ, 7-канал, ТВ15, Азия ТВ, ТВ1 телеканалдары менен;

– Акипресс, 24KG, Sputnik Кыргызстан, Кабар маалымат агенттиктери менен.

**Маалыматтарды таркатуу максатында төмөнкүлөрдүн катышуусу менен WhatsApp топтору ачылган:**

– ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөр, акимчиликтер, шаарлардын мэриялары, айыл өкмөттөр;

– УТРКнын аймактык телеканалдарынын жетекчилери;

– “Кыргыз Туусу”, “Эркин-Тоо”, “Ош жаңырыгы”, “Талас байрагы”, “Баткен таңы”, “Чүй баяны”, “Акыйкат Жалал-Абад” гезиттеринин башкы редакторлору;

– КР ИИМ басма сөз кызматы;

– КР ББжИМ басма сөз кызматы;

– блогерлер жана коомдук пикир лидерлери.

**4) ЖМК менен маалыматтык өз ара аракеттенүү:**

– БШКнын төрагасы жана мүчөлөрү телеканалдарга, радиолорго, гезиттерге жана маалымат агенттиктерине түз эфирде жана жаздырылып алынган **116 интервью** беришти;

– БШКнын жардамы менен “УТРК Ала-Тоо 24” жана “ЭлТР” телеканалдарында шайлоонун жүрүшү тууралуу **67** жаңылыктар сюжети даярдалды.

**5) БШКнын Instagram баракчасы:**

– шайлоо мезгилинде жалпы көрүүлөрдүн саны **925 825** болду;

– **140тан ашык** видеоматериалдар жайгаштырылган;

– эң популярдуу видеолор 120 миңден ашуун көрүүчүнү чогулткан;

– инстаграм аркылуу жалпы аудитория **1 672 182 адамды** түздү.

**6) Шайлоо учурунда социалдык тармактарга мониторинг жүргүзүү боюнча кеңеш.**

**Гуманитардык диалог борбору (Швейцария)** менен биргеликте уюштурулган “Кыргызстандагы шайлоо учурунда социалдык тармактарга мониторинг жүргүзүү” семинарынын алкагында **социалдык тармактарга мониторинг жүргүзүү боюнча Кеңеш түзүлдү**. Кеңешке журналисттик бирикмелердин өкүлдөрү, медиа эксперттер жана медиа уюмдардын өкүлдөрү кирди.

Кеңештин мүчөлөрү шайлоо процессине катышкан **39 саясий партия кол** койгон Меморандумдун ченемдерин сактоо боюнча социалдык тармактарга мониторинг жүргүзүштү. Жалпысынан Кеңеш Facebook, Instagram, Telegram тармактарында жайгаштырылган **50дөн ашык маалыматтык материалдарды** талдады.

Шайлоо өнөктүгү маалында социалдык тармактарда төмөнкүлөр аныкталды:

– колдонуучулар тарабынан бир катар талапкерлерге жана партияларга карата жынысына жана жашына карап акараат сөздөрү колдонулган;

– талапкерлер, партиялар тууралуу жаманатты кылган фактылар катталган.

Мисалы, талапкерлер, шайлоо учурунда кызмат абалынан пайдаланып, шайлоо мыйзамдарын бузууга жол беришкен. Тиешелүү фактылар боюнча Кеңеш партияларга жана БШКнын жумушчу тобуна андан аркы чараларды көрүү үчүн кабарлады.

Саясий партиялар жана талапкерлер шайлоочулар менен эффективдүү байланыш түзүү үчүн социалдык медиа платформаларды жетишээрлик деңгээлде пайдалана алышкан жок, себеби:

• көпчүлүк партиялар расмий аккаунттарын ачпай келишет же аларды жалгыз гана үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн колдонуп, аудитория менен активдүү өз ара аракеттенишпейт;

• айрым учурларда бир гана байланышты камсыздоочу канал колдонулуп, башка платформалар камтылбайт;

• аккаунттардын көпчүлүк бөлүгү жеке профиль катары түзүлгөн, көпчүлүгү верификациядан өтпөгөндүгүнө байланыштуу ишеним жана ачыктык деңгээли төмөндөйт.

**7) БШК менен Мета (Facebook) ортосундагы өз ара аракеттенүү:**

БШКнын төрагасы жана мүчөлөрү 2024-жылдын 4-ноябрында Facebook өкүлдөрү менен онлайн жолугушуусун өткөрүп, анда саясий жарнактарга мониторинг жүргүзүү жана каржылоонун ачык-айкындуулугун камсыздоо өбөлгөлөрү талкууланды.

15 000 талапкердин тизмеси Мета компаниясына, саясий жарнак таратуучу катары эсепке алуу үчүн жиберилген.

**8) Блогерлер жана коомдук пикир лидерлери менен кызматташуу**

Жаш шайлоочулардын маалымдуулугун жогорулатуу жана аларды шайлоо процессине тартуу үчүн БШК таасирдүү адамдар жана жарандык активисттер менен активдүү кызматташкан. Чакырылган блогерлердин арасында: Эртай Искаков, Таттубек Мамытов, Нуржан Элдияр уулу (Нурик Миньон), Нурбек Монолов, Мээрим Толепберген, Азирет Осмонов жана башкалар бар.

Катышуучулардын демилгеси менен БШКнын төрагасынын 44 блогер, активист жана коомдук ишмерлер менен жолугушуусу болгон.

Блогерлер жана таасирдүү адамдар жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын шайлоосунун жүрүшү тууралуу маалымат берүүдө активдүү катышып, шайлоочуларды аң-сезимдүү добуш берүүгө жана добуш сатып алууга жол бербөөгө үндөшкөн. Алардын жигердүү катышуусу, өзгөчө жаштардын аудиториясынын кыйла кеңейишине өбөлгө түздү.

## Шайлоо процессинин катышуучуларын окутуу

Бекитилген графикке ылайык, шайлоо комиссияларынын 27 425 мүчөсүнө окуу өткөрүлдү, аны менен бирге шайлоо комиссиясынын ар бир мүчөсү окуу материалдары, окуу видеоматериалдары менен камсыздалды, анын ичинде:

- АШКнын **674** мүчөсү;
- УШКнын **26 653** мүчөсү;
- аралыктан добуш берүү боюнча УШКнын **98** мүчөсү.

Окутуу республика боюнча офлайн жана онлайн форматта өткөрүлдү.

Шайлоого даярдык көрүү алкагында техникалык колдоо тобунун (ТКТ) адистери жана ТИКтин системалык администраторлору үчүн жаңыланган шайлоо жабдууларын колдонуу боюнча онлайн форматта окуу уюштурулду.

Ошондой эле, АШКнын базасында шайлоочуларды идентификациялоо жана автоматташтырылган башкаруу системасынын операторлору үчүн офлайн окуу өттү. Окуу тренерлери ТКТ адистеринин ичинен тандалган. Программа теориялык бөлүмдү жана жаңы жабдуулар менен иштөөнү практикалык жактан өздөштүрүүнү камтыды.

Кыска мөөнөттүн ичинде **11 387** адам шайлоо техникасын эксплуатациялоо боюнча окуудан өттү, анын ичинде:

– АЭУ операторлору - 4878 адам;
– идентификациялоо операторлору - 5919 адам;
– ТКТ адистери - 600 адам.

Шайлоо жабдууларынын колдонулушу боюнча видеороликтер, ошондой эле автоматтык эсептөөчү урна (мындан ары - АЭУ) жана принтери бар идентификациялоо түзүлүштөрүн (мындан ары - ПИТ) колдонуунун нускамалары даярдалып, операторлорго жана ТКТ адистерине окутуу үчүн жиберилди.

БШК, Башкы прокуратура, УКМК жана ИИМ менен биргеликте өлкөнүн бардык аймактарында АШКнын жана 300дөн ашык укук коргоо органдарынын кызматкерлерине тренингдерди өткөрдү.

Шайлоо процессинин ачык болушу негизги принциптердин бири бойдон калууда, бул - мыйзам бузуу фактыларын кароо ачык өтүшү керек, ошондой эле көрүлгөн чаралар тууралуу маалыматтарды алмашууга милдеттүү. Мыйзам бузуу фактыларынын каттоосу, алардын каралышы жана кабыл алынган чечимдер боюнча бардык маалыматтар дароо эле кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри (мындан ары – КЖБР) жана БШКнын расмий сайтына жарыяланууга тийиш.

2024-жылдын 30-сентябрында БШК саясий партиялар менен жыйын өткөрүп, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо боюнча мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөрдү жарыялады.

## ДМЧА шайлоо укуктарын камсыз кылуу

Добуш берүү күнү шайлоо участкаларында ДМЧА КР жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоого катышуусу үчүн бардык шарттар түзүлгөн.

Көрүүсү начар шайлоочулар катталган бардык шайлоо участкалары үчүн Брайль арибиндеги шайлоо бюллетендери жана трафареттер даярдалды.

**Брайль арибинде 983 бюллетень даярдалган:**
– шаардык кеңештерде - 749 бюллетень;
– айылдык кеңештерде - 234 бюллетень.

Мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочуларды жеткиликтүү форматта маалымдоо максатында, маалыматтык брошюралар, **ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген талапкерлер үчүн - 300 нуска жана мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар үчүн - 1 700 нускада** даярдалган. Көрсөтүлгөн маалыматтык китепчелер алдыда боло турган шайлоону маалымдоо максатында мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын ири бирикмеси болуп саналган “Кыргыз азиздер жана дүлөйлөр коому” коомдук бирикмесине тапшырылды.

## Шайлоолорду программалык-техникалык жактан камсыз кылуу

КР Президентинин 2024-жылдын 5-апрелиндеги № 90 Жарлыгы менен бекитилген 2024-2028-жылдарга КР санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу максатында, 2024-2027-жылдардын жаңы шайлоо циклине БШКга шайлоону электрондук башкаруунун бирдиктүү программалык-техникалык комплексин түзүү жана анын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу үчүн КР Президентинин 2024-жылдын 12-июлунда № 144 тескемеси жарыяланган.

КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы № 417 тескемеси менен шайлоолорду электрондук башкаруунун бирдиктүү программалык-техникалык комплексин түзүү максатында, андан ары техникалык колдоо аркылуу шайлоо жана сервердик жабдууларды жаңылоо жана модернизациялоо менен “**Миру Системс” (Корея Республикасы) компаниясы товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү бирдиктүү берүүчү** катары аныкталган.

Ага ылайык, БШК төмөнкү жабдуулардын үч негизги тобун жеткирүүгө келишим түзгөн:

1) шайлоо бюллетендерин басып чыгаруу функциясы бар 5 750 идентификациялык аппарат;

2) 5 716 АЭУ жаңылоо үчүн запастык бөлүктөр;

3) сервердик жабдуулардын комплекси, тандалма жабдуулардын комплексинин башка компоненттери (3 000 үзгүлтүксүз энергия булактары ж.б.).

Ошону менен бирге, камсыздоочу гранттык негизде мониторинг жүргүзүүчү сайттар үчүн 3000 видеокамераларды, административдик карталардын бардык түрлөрүн жана эстутум карталарын алып келүүгө, ошондой эле өз каражатына жеткирүүнү, жаңы серверди орнотууну, АЭУну оңдоону, андроид системасында идентификациялоону программалык камсыздоону, программалык жаңылоону жана АЭУ электрондук башкаруу системасын техникалык тейлөөнү жана маалыматтарды чогултууну камсыз кылууга милдеттенди.

**2024-жылдын 8-сентябрында** Түштүк Кореядан аба аркылуу АЭУну жаңылоо үчүн компоненттер алынып келинген. “Учкун” ААКнын кампасында кореялык адистердин колдоосу менен автоматташтырылган башкаруу системасын жаңылоо жана оңдоо иштери башталган.

Системаны өркүндөтүү боюнча негизги иш төмөнкү негизги багыттарга таасирин тийгизди:

– **шайлоочулардын добуштарын эсепке алууну жакшыртуу:** АЭУ функционалын жаңылоо, бул добуштарды эсептөө процессин тезирээк жана ачык-айкын кылды;

– **БШКнын борбордук серверин жаңылоо**: жогорку натыйжалуулукту жана маалыматтардын коопсуздугун камсыз кылган жаңы сервер.

Ошондой эле, жергиликтүү кеңештерге шайлоо учурунда ар бир шайлоо участкасына төмөнкүдөй жабдуулар орнотулду:

– идентификациялоонун комбинацияланган түзүлүшү: беш компоненттүү жабдууларды бир универсалдуу түзүлүшкө алмаштырган заманбап чечим. Ал ар кандай параметрлер боюнча шайлоочуларды аныктоого жана бюллетендерди басып чыгарууга жөндөмдүү;

– идентификация: беттин геометриясы жана манжаларынын үлгүлөрү боюнча, ошондой эле улуттук паспорттун бардык түрүндөгү маалыматтарды, анын ичинде “Түндүк” тиркемесинде электрондук документтерди окуу мүмкүнчүлүгү;

– ар бир шайлоо участогунда ПИТ орнотулган. Бул бюллетендерди басып чыгаруу жана жеткирүү үчүн каражаттарды сарамжалдуу пайдаланууга мүмкүндүк берди, ошондой эле жашыл технологиялардын жана ресурстарды натыйжалуу башкаруунун принциптерине ылайык келет.

Ар бир шайлоо участогунда жаңыланган функциялары бар АЭУ колдонулду.

**5 700 АЭУну жаңылоо** алкагында аппараттын ичиндеги сканерлерди жана принтерлерди алмаштыруу иштери аткарылды.

Ошондой эле кубаттоочу адаптерлер (UPS) жаңыртылып, жабдуулардын ишенимдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатып, жалпы функционалдык мүмкүнчүлүктөрдү жакшыртууга жана добуш берүү процессин сапаттуу өткөрүүгө багытталган.

Ар бир участка негизги жана резервдик эки АЭУ менен камсыз болгон. Бул добуш берүү процессинин ишенимдүүлүгүн жана үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылды, ошондой эле мүмкүн болгон техникалык мүчүлүштөргө тез чара көрүүгө мүмкүндүк берди.

Бардык шайлоо участоктору видеокөзөмөл камералары менен жабдылган, бул шайлоо өнөктүгүнүн жаңы өзгөчөлүгү болду. Шайлоонун жүрүшүн видеокамерага алуу бардык шайлоо участкаларында жүргүзүлдү, бул мыйзам бузуулар же шайлоо талаш-

тартыштары болгон учурда добуш берүүнүн жүрүшүн жазып алууга жана жагдайды объективдүү көрсөтүүгө мүмкүндүк берди.

Добуш берүү күнү аралыктан добуш берүү участокторунда аракеттер жазылып гана тим болбостон, күнү бою онлайн-трансляция жүргүзүлүп, аралыктан добуш берүүнүн айкындуулугун бир топ жакшыртып, шайлоочуларга шайлоо процессине байкоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берип, ар кайсы округдардан шайлоочулардын катышуусуна мониторинг жүргүзүү маанилүү болду.

Шайлоону технологиялык жактан камсыз кылуу жагынан бул чаралар шайлоо процессинин инклюзивдүүлүгүн, ишенимдүүлүгүн жана ачыктыгын жогорулатууга, шайлоолорду электрондук башкарууну жакшыртууга жана жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашырууну кеңейтүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү максатында иштелип чыккан.

**<u>Шайлоочуларды идентификациялоо боюнча жабдуулардын сервердик комплектерин даярдоо</u>**

БШК шайлоочуларды идентификациялоо үчүн жабдуулардын комплектине жүктөп алуу максатында, БШК түзгөн шайлоочулардын акыркы тизмелерине ылайык шайлоо участкаларынын контекстинде (УШК, АДБ УШК) жабдууларга жүктөө үчүн биометрикалык маалыматтар менен байланышкан маалымат базаларын түзүүнү “Инфоком” мамлекеттик ишканасы менен биргеликте аяктады.

Кореялык адистер менен макулдашып, ПИТти колдонууну эске алуу менен, УШК, АДБ УШК контекстинде маалымат базаларын жүктөө жана кийин ПИТти колдонуу үчүн сырсөздөрдү ыйгаруу менен кирүү карталарын түзүү боюнча тиешелүү кызматтар иштелип чыккан.

Жабдуулардын бардык комплектилеринин жана идентификациялоонун маалымат системасынын ишке жарамдуулугу текшерүүдөн өттү. Жабдуулар УШКнын номерине жана АШКнын аталышына ылайык маркировкаланган.

**БШКнын маалымат системасын өркүндөтүү**

Шайлоо мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, “Шайлоочулардын кабинети”, “Шайлоочуларды каттоонун бирдиктүү системасы”, “Электрондук талапкер” (е-Талапкер), “Шайлоочунун идентификациясы” маалымат тутумдарына өзгөртүүлөр киргизилди.

**“Шайлоочунун кабинети” маалымат системасы**

Платформа толугу менен модернизацияланган. Системанын мобилдик версиясы ишке киргизилди (бул системанын стационардык версиясына фундаменталдуу өзгөртүүлөрдү киргизүүнү талап кылган). Шайлоочулар үчүн аралыктан добуш берүүгө катышуу үчүн арыздарды берүү функциясы бир нече АДБ УШК үчүн ишке ашырылган.

Аралыктан добуш берүүгө катышуу үчүн арыздарды берүү жана кароо бөлүгүндө системаны шайлоочуларды каттоонун бирдиктүү системасы (мындан ары - ШКБС) менен интеграциялоо боюнча иштер аяктап, дизайны жаңыртылды.

**“ШКБС” маалымат системасы**

Аралыктан добуш берүүнү өткөрүү функциясы өлкөнүн ири шаарларында түзүлүп, бир нече АДБ УШКларда төмөнкүлөр ишке ашырылган:

– бир нече АДБ УШКлар үчүн каталог түзүү;

– “Шайлоочунун кабинети” аркылуу АДБга катышуу үчүн шайлоочулар берген арыздарды эсепке алуу жана кароо механизми ишке киргизүү (бир нече АДБ УШКларды эске алуу менен);

– АДБ УШК боюнча отчетторду жүктөө;

– “Шайлоочунун кабинети” маалыматтык системасы менен интеграциялоо жана маалымат алмашуу, анын ичинде мобилдик версиясын аткаруу;

– шайлоочулар тарабынан кагаз түрүндө берилген, ошондой эле өзгөчө категориядагы шайлоочулар үчүн АДБга катышууга арыздарды кароо боюнча функциясы.

**“Электрондук талапкер” маалымат системасы (Е-Талапкер)**

“Шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоо” функционалы

Шайлоо мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, саясий партиялар берген талапкерлердин тизмесин көрсөтүүдө жана каттоодо тизмеге киргизилген талапкерлердин пайыздык үлүшүнө автоматташтырылган көзөмөл алынып салынды.

“Айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоо” функционалы

Шайлоо мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, саясий партиялардан талапкерлерди (тизмени) жана өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен көрсөтүлгөн талапкерлерди көрсөтүүдө жана каттоодо төмөндөгү маалыматтардын милдеттүү түрдө толтурулушуна автоматташтырылган көзөмөл алынып салынды:

– шайлоо фонду;

– шайлоо күрөөсү;

– айылдык кеңештерге өзүн-өзү көрсөткөн талапкерлер боюнча отчетторду түзүү жана жүктөө функциялары.

**“Шайлоочуларды идентификациялоо” маалымат системасы**

Кореялык адистер тарабынан иштелип чыккан шайлоочуларды идентификациялоонун маалыматтык системасынын (мындан ары - ШИМС) жаңы версиясын ПИТти колдонууну эске алуу менен маалыматтар базасынын түзүмүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн төмөнкүдөй иштер жүргүзүлдү:

– маалыматтар базасынын түзүмүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү (талаалар жана параметрлер кошулган);

– АДБга катышуу үчүн шайлоочулардын тизмелерин көзөмөлдөө.

Кореялык адистер менен бирдикте добуш берүү күнү идентификациялоону жүргүзүү үчүн ПИТти даярдоого байланышкан маселелер (жабдыктарды, кирүү карталарын, логиндерди, паролдорду жазуу ж.б. даярдоо жана орнотуу) иштелип чыккан.

Шайлоочулардын биометрикалык маалымат базасын жаңылоо үчүн болжол менен 126 миң жазуу иштери аткарылды.

**“Тизме” шайлоочулардын мамлекеттик порталы**

Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоону жана АДБны эске алуу менен программалык камсыздоого төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилди:

– маалыматты тактоо жана отчетторду түзүү үчүн «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо боюнча АДБга катышуучулардын тизмеси» бөлүмү түзүлдү;

– маалыматты текшерүү жана отчетторду түзүү үчүн тиешелүү функциялуу “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоочулардын тизмеси” бөлүмү түзүлдү;

– бир нече АДБ УШКларды эске алуу менен аралыктан добуш берүүгө катышуучулары үчүн издөө инструменттери ишке ашырылды;

- АДБга катышуучулардын тизмелерин көрсөтүү үчүн функция иштелип чыкты;

- ААРны эске алуу менен УШКлардын аталыштарын жана даректерин көрсөтүү функциясы оптималдаштырылды.

## Шайлоонун жүрүшүндө киберкоопсуздукту камсыз кылуу боюнча чаралар

Шайлоого даярдык көрүүдө маалыматтык системалардын киберкоркунучтардан корголушун камсыздоо боюнча комплекстүү чаралар көрүлдү. Биринчи кезекте, сервердик жабдуулар жаңыланып, трафикти чыпкалоонун заманбап технологиялары, чабуулдардын алдын алуу системалары, желе коопсуздугу жана тармактык экрандар колдонулуп, коргоо күчөтүлдү. Ошондой эле маалыматтык коопсуздукту камсыздоо үчүн программалык камсыздоону жана системаларды адаптациялоо, маалыматтардын бүтүндүгүн жана ишенимдүүлүгүн көзөмөлдөө, тышкы түзмөктөрдү колдонууга чектөө киргизүү, физикалык коопсуздукту камсыз кылуу, ресурстарга мүмкүнчүлүк алуу эрежелерин так сактоо (анын ичинде минималдуу укуктар принцибин колдонуу) жана кызматкерлерди окутуу чаралары ишке ашырылды.

Жергиликтүү кеңештерге шайлоо учурунда киберкоопсуздукту камсыздоочу система 6 киберчабуулду алдын алып, 260 миңден ашуун зыяндуу суроо-талаптарды жана коопсуздукту бузууга байланыштуу 22 миңден ашык аракеттерди бөгөттөдү. Жалпысынан 91 инцидент катталса, алардын төртөөсү гана бөгөттөөнү талап кылды. Бардыгы болуп 1,6 миллиондон ашык учур иштелип чыгып, алардын ичинен 282 миң коркунучтуу аракет токтотулду. Бул шайлоо маалында киберкоопсуздуктун жогорку деңгээлин тастыктайт.

## Шайлоолордун мыйзамдуулугун жана коопсуздугун камсыз кылуу

БШКнын даттанууларды жана кайрылууларды кароо процессин оптималдаштыруусу, аныкталган тартип бузууларга жооп кайтаруунун ыкчамдуулугун жогорулатууга жана укук коргоо органдарына жүктөмдү азайтууга өбөлгө түздү.

**ЫЧККТнун иш алгоритмине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилди:**

- кайрылуулар жана арыздар алардын мазмунуна жана тиешелүү мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарына жараша каралды;
- материалдар укук коргоо органдарына гана жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн болгон адамдарды аныктоо максатында жөнөтүлдү.

Шайлоо өнөктүгүнүн аралыгында ЫЧККТга, арыздарды жана даттанууларды кароо, шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка субъекттерине маалымат берүү маселелери жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча Жумушчу топторуна жалпысынан шайлоо мыйзамдарын бузуулар жөнүндө 133 билдирүү келип түшкөн.

**1. келип түшкөн арыздардын, кайрылуулардын, билдирүүлөрдүн мүнөзү:**

- шайлоо алдындагы үгүт иштеринин шарттарын бузуу – 43;
- талапкердин ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирген маалыматтар – 5;
- административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу боюнча – 7;
- талапкердин шайлоо фонду жөнүндө – 2;
- шайлоочулардын добуштарын сатып алуу мүмкүн экендиги жөнүндө – 20;
- шайлоонун катышуучуларынын укуктарынын бузулушунун мүмкүндүгү боюнча – 3;
- талапкерлерди каттоону/каттоону жокко чыгарууну бузуулар боюнча – 13;
- добуш берүүнүн жыйынтыктарына – 12;
- үгүт материалдарын жок кылуу же бузуу боюнча – 1;
- шайлоо округдарын түзүүгө байланыштуу – 5;
- башка бузуулар – 22.

**2. көрүлгөн чаралар:**

**айып салуу – 19 (жалпы суммасы – 293 500 сом, төлөнгөнү – 158 000 сом)**

– КР “Укук бузуулар жөнүндө” Кодексинин (мындан ары - КР УБК), 65-беренесине ылайык жарандарга жана талапкерлерге – 10 (7 500 сомдон);

– КР УБКнын 65-беренесине ылайык, саясий партияларга – 2 (65 000 сомдон);

– КР УБКнын 68-беренесине ылайык, жарандарга жана талапкерлерге - 3 (12 500 сомдон);

– КР УБКнын 437-беренесине ылайык талапкерлер үчүн – 2 (20 000 сомдон);

– КР УБКнын 126-беренесине ылайык жарандарга - 2 (5 500 сомдон).

**• эскертүү – 11:**

1) Нарын ш. АШК – А. Жамангулов, А. Касымбаев;

2) Бишкек АШК – “Социал-демократтар” СП;

3) Талас ш. АШК – “Бирге-вместе” СП;

4) Кара-Балта АШК – “Жаңы Кыргызстан” СП;

5) Кара-Балта АШК – “Эл биримдиги” СП;

6) Нарын ш. АШК – талапкер А. Орозбаев;

7) Кара-Балта АШК – “Кыргызстан Коммунисттер партиясы” СП;

8) Бишкек АШК – “Социал-демократтар” СП талапкери Т.О. Темиркулов;

9) Аламүдүн АШК – Кара-Жыгач айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкер А. Султанбекова;

10) Аламүдүн АШК – Кара-Жыгач айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлерлер: Г. Умербаев, К. Оморов, А. Абдрахманов, А. Асанов, Р.С. Ормокоева, Н. Джумагулова, С. Турсалиева, Н. Рашитова, Саткынбек уулу Б., А. Исраилов.

11) БШК – Кара-Балта АШК.

**• каттоодон баш тартуу – 2:**

– “Социал-демократтар” СП (Бишкек);

– “Адилет” СП талапкери А.С. Исмаилов.

**• комиссиянын курамынан чыгарылгандар – 3:**

– Алай АШК - № 5134 УШКнын мүчөсү К. Сакиев;

– Москва АШК - төрагасы К.Б. Бакаев, катчысы Н.Ж. Асанов;

– Сузак АШК - № 2120 шайлоо участкасынын төрагасы О.А. Маткалыкова жана катчысы М.Б. Алымкулова.

## <u>Жыйынтыктарды чыгаруу</u>

**Тийиштүү аймактагы добуш берүүнүн натыйжалары УШКнан түздөн-түз келип түшкөн протоколдордун негизинде, анда камтылган маалыматтарды кошуу менен АШК тарабынан чыгарылат.*

№ 3023-участкасындагы (Ысык-Көл облусунун Чоң-Сары-Ой айылы) жана № 3092-участкасындагы (Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районуна караштуу Тепке айылы) техникалык кыйынчылыктардын келип чыкканына байланыштуу, жарандардын шайлоо укуктарын камсыздоо максатында, БШК добуш берүү мөөнөтүн узартуу тууралуу токтом кабыл алган:

– № 3023 УШКда – 2024-жылдын 17-ноябрында саат 23:00гө чейин;

– № 3092 УШКда – 2024-жылдын 18-ноябрында саат 20:00гө чейин.

**56 АШКнын** төрагаларынын отчетторун угуп, БШК **33 шаардык жана 231 айылдык кеңештерге** добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдорун бекитти.

Шайлоочулардын тизмесине бардыгы болуп **4 135 039** шайлоочу киргизилген, анын
**2 000 528** (48,38%) эркектер жана **2 134 511** (51,62%) аялдар.

Добуш берүүгө бардыгы болуп **1 178 060** шайлоочу катышты, бул шайлоочулардын жалпы санынын 28,49% түзөт, анын ичинен аралыктан добуш берүүгө **4 994** (55,18%) шайлоочу катышты.

| | Жергиликтүү кеңештердин саны | Шайлоочулардын жалпы саны | Катышуусу |
|---|---|---|---|
| **Республика боюнча** | **264** | **4 135 039** | **1 178 060 (28,49%)** |
| Шаардык кеңештер | 33 | 1 620 243 | 399 413 (24,65%) |
| Айылдык кеңештер | 231 | 2 514 796 | 778 647 (30,96%) |
| Аралыктан добуш берүү | 10 | 9 050 | 4 994 (55,18%) |

**Шаардык кеңештер:**

Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча **172** талапкерлердин тизмеси боюнча **34** саясий партия добуштардын 5 жана андан көп пайызына ээ болду.

**24 шаарда** шайлоого катышкан бардык саясий партиялар добуштардын 5 жана андан көп пайызын алышты.

Шаардык кеңештин **993** депутаты шайланып, анын **703** эркектер. **290** (29,20%) аялдар болду.

| № | Шаарлардын аталыштары жана партиялардын саны | Талапкер лердин саны | Алган добуштар-дын саны | % | Мандат тардын саны | Алардын ичинде: | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | эркек | аял | % |
| | **жалпы республика боюнча: 185/174** | **4 823** | **354 161** | | **993** | **703** | **290** | **29,20** |
| 1 | Бишкек ш/к - 6/5 | 319 | 119 270 | 18,58 | 51 | 36 | 15 | 29,4 |
| 2 | Ошс ш/к - 5/5 | 193 | 55 939 | 23,76 | 51 | 36 | 15 | 29,4 |
| 3 | Токмок ш/к - 5/5 | 176 | 14 082 | 31,13 | 41 | 28 | 13 | 31,71 |
| 4 | Кант ш/к - 9/6 | 212 | 6 817 | 29,20 | 31 | 22 | 9 | 29,03 |
| 5 | Кемин ш/к - 7/7 | 121 | 2 725 | 32,18 | 21 | 15 | 6 | 28,57 |
| 6 | Кара-Балта ш/к - 9/6 | 272 | 11 291 | 29,91 | 31 | 23 | 8 | 25,81 |
| 7 | Шопоков ш/к - 5/4 | 105 | 1 791 | 22,09 | 21 | 14 | 7 | 33,3 |
| 8 | Орловска ш/к - 4/4 | 70 | 1 104 | 17,73 | 21 | 15 | 6 | 28,57 |
| 9 | Кайыңды ш/к - 6/6 | 118 | 2 344 | 33,36 | 21 | 14 | 7 | 33,33 |
| 10 | Өзгөн ш/к - 4/4 | 103 | 6 082 | 17,17 | 31 | 21 | 10 | 32,3 |
| 11 | Ноокат ш/к - 4/4 | 70 | 2 281 | 23,71 | 21 | 16 | 5 | 23,8 |
| 12 | Кара-Суу ш/к - 4/4 | 113 | 7 720 | 24,07 | 31 | 23 | 8 | 25,8 |
| 13 | Баткен ш/к - 5/5 | 120 | 5 486 | 29,60 | 31 | 21 | 10 | 32,26 |
| 14 | Раззаков ш/к - 8/8 | 197 | 6 500 | 29,70 | 31 | 24 | 7 | 22,58 |
| 15 | Кызыл-Кыя ш/к - 5/5 | 147 | 10 797 | 29,20 | 31 | 22 | 9 | 29,03 |
| 16 | Сүлүктү ш/к - 8/8 | 232 | 5 020 | 44,50 | 31 | 21 | 10 | 32,26 |
| 17 | Кадамжай ш/к - 6/6 | 126 | 2 968 | 29,00 | 21 | 14 | 7 | 33,33 |
| 18 | Айдаркен ш/к -3/3 | 63 | 1 757 | 21,04 | 21 | 15 | 6 | 28,57 |
| 19 | Жалал-Абад ш/к - 3/3 | 115 | 24 101 | 26,84 | 41 | 28 | 13 | 31,71 |
| 20 | Таш-Көмүр ш/к - 4/4 | 112 | 6 475 | 38,65 | 31 | 20 | 11 | 35,48 |
| 21 | Токтогу ш/к - 9/9 | 157 | 7 773 | 30,72 | 31 | 23 | 8 | 25,81 |
| 22 | Базар-Коргон ш/к - 9/8 | 220 | 10 067 | 28,68 | 31 | 23 | 8 | 25,81 |
| 23 | Кербен ш/к - 5/5 | 142 | 8 879 | 28,94 | 31 | 22 | 9 | 29,03 |
| 24 | Көк-Жангак ш/к - 3/3 | 58 | 1 909 | 28,90 | 21 | 15 | 6 | 28,57 |
| 25 | Шамалдуу-Сай ш/к - 6/6 | 103 | 2 548 | 30,78 | 21 | 16 | 5 | 23,81 |
| 26 | Кара-Көл ш/к - 6/6 | 149 | 5 234 | 30,32 | 31 | 22 | 9 | 29,03 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 27 | Кочкор-Ата ш/к - 3/3 | 59 | 3 110 | 26,12 | 21 | 15 | 6 | 28,57 |
| 28 | Майлуу-Суу ш/к - 3/3 | 70 | 4 851 | 32,70 | 31 | 22 | 9 | 29,03 |
| 29 | Балыкчы ш/к - 8/7 | 205 | 11 326 | 32,01 | 31 | 23 | 8 | 25,8 |
| 30 | Чолпон-Ата ш/к - 6/6 | 172 | 4 442 | 25,30 | 31 | 23 | 8 | 25,8 |
| 31 | Каракол ш/к - 5/5 | 200 | 13 169 | 26,26 | 41 | 28 | 13 | 31,7 |
| 32 | Нарын ш/к - 6/5 | 170 | 9 943 | 29,70 | 31 | 21 | 10 | 32 |
| 33 | Талас ш/к - 6/6 | 134 | 8 888 | 32,91 | 31 | 22 | 9 | 29,03 |

231 айылдык кеңеште 5 391 мандаттын ичинен аялдар үчүн 2 178 мандат резервге калтырылган. Шайлоонун жыйынтыгы боюнча:

• квота боюнча 2 164 аял шайланды;

• квотадан тышкары добуштардын рейтинги менен 84 аял шайланды.

Натыйжада айылдык кеңештерге жалпысынан 2 248 аял шайланып, бул жалпы депутаттардын 41,72% ын түзөт.

| № | Облустардын аталышы жана райондор-н саны | а/к саны | Округ. саны | Мандаттардын саны | Талапкерлер дин саны | Алардын ичинде: | | Шайлан-дын саны | Алардын ичинде: | | | | Эркектер. саны | Квота | Пайдаланылба ган квоталар саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | эркек | аял | | эркек | % | аял | % | | | |
| | **Жалпы республика боюнча: 40** | **231** | **1 260** | **5 391** | **9 984** | **6 351** | **3 633** | **5 391** | **3 143** | **58,30** | **2 248** | **41,7** | **2 164** | **84** | **14** |
| 1 | Баткен: 3 | 22 | 130 | 552 | 1003 | 649 | 354 | 552 | 317 | 57,43 | 235 | 42,57 | 228 | 7 | 1 |
| 2 | Ош: 7 | 58 | 330 | 1 458 | 2434 | 1549 | 885 | 1458 | 852 | 58,44 | 606 | 41,56 | 577 | 29 | 5 |
| 3 | Нарын: 5 | 27 | 121 | 527 | 926 | 576 | 350 | 527 | 300 | 56,93 | 227 | 43,07 | 213 | 14 | 1 |
| 4 | Талас: 4 | 16 | 87 | 346 | 699 | 431 | 268 | 346 | 195 | 56,36 | 151 | 43,64 | 147 | 4 | |
| 5 | Ысык-Көл: 5 | 22 | 125 | 522 | 1 020 | 655 | 365 | 522 | 291 | 56 | 231 | 44 | 215 | 16 | 2 |
| 6 | Чүй: 8 | 49 | 257 | 1 079 | 2 130 | 1293 | 837 | 1079 | 638 | 59 | 441 | 41 | 429 | 12 | 4 |
| 7 | Жалал-Абад: 8 | 37 | 210 | 907 | 1 772 | 1198 | 574 | 907 | 550 | 60,64 | 357 | 39,36 | 355 | 2 | 1 |

264 жергиликтүү кеңештин шайланган депутаттары тууралуу маалымат БШКнын расмий сайтында **https://shailoo.gov.kg/ru/news/7712/** шилтеме аркылуу жарыяланды.

ААР алкагында мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, жаңыдан түзүлгөн айылдык аймактарда жана шаарларда кеңештердин сессиялары АШК тарабынан чакырылат.

26-ноябрдан 30-ноябрга чейин аймактарда 264 кеңештин: 33 шаардык жана 231 айылдык кеңештеринин биринчи уюштуруу сессиялары болуп өттү.

АШК шайланган депутаттарды каттап, жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын күбөлүктөрүн жана төш белгилерин тапшырышты.

Мыйзамга ылайык, жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясынын күн тартибине жергиликтүү кеңештин төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоо жана жергиликтүү кеңештин ишин уюштуруунун башка маселелери киргизилет.

Шаардык жана айылдык кеңештердин төрагалары жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарынын 5 жылдык мөөнөтүнө шайланган депутаттардын ичинен жашыруун добуш берүү менен шайланышты.

БШК "Өнүктүрүү саясат институту" коомдук бирикмеси менен биргеликте жергиликтүү кеңешке шайланган 6 384 депутаттын ар бирине жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын жыйнагы менен камсыз кылды.

Ошондой эле, КР Конституциясынын тексттери бүткүл республика боюнча кеңештерге кошумча жиберилди.

Берилген материалдар жаңы шайланган депутаттарга өз ишин мыйзамдарга ылайык уюштуруп, ыйгарым укуктарын натыйжалуу аткарып, айылдардын, шаарлардын өнүгүүсүнө жана калктын жашоо сапатын жакшыртууга салым кошууга багытталган.

## 2-БӨЛҮМ. ЖАРАНДАРДЫН УКУКТУК МАДАНИЯТЫН ЖОГОРУЛАТУУ ЖАНА ШАЙЛОО УКУКТАРЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР

### 2. Шайлоонун укуктук маданиятын жогорулатуу боюнча чаралар – жарандык билим берүү иш-чаралары

БШКнын алдында "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13-беренесине ылайык түзүлгөн Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору (мындан ары – ЖББШТБ) иш алып барат.

ЖББШТБнын негизги милдеттери төмөнкүлөр:

- жарандарды, шайлоочуларды (референдумга катышуучулардын), саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин өкүлдөрүн, шайлануучу органдарга талапкерлерди, алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн, байкоочуларды, ЖМК өкүлдөрүн жана башка жактарды укуктук жактан жакшыртуу;
- бардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн, байкоочуларды жана шайлоо процесстеринин башка катышуучуларын окутууну уюштуруу;
- БШКнын пландарына ылайык, шайлоо технологияларын талдоо жана өркүндөтүү.

ЖББШТБнын ишмердүүлүгүнүн максаты – жарандардын, шайлоочулардын (референдумга катышуучулардын) укуктук маданиятын жогорулатуу жаатындагы ишти уюштуруу, координациялоо жана камсыз кылуу, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жана шайлоо процесстеринин башка катышуучуларын окутуу.

2021-жылдан тартып ЖББШТБ, БШКнын туруктуу өнөктөштөрү – БУУӨПтүн Кыргызстандагы шайлоолорду колдоо программасы, ЭККУнун Бишкектеги Программалык кеңсеси, БУУ-Айымдар агенттиги, Эл аралык шайлоо тутумдары фонду (IFES), Эл аралык дебаттар билим берүү ассоциациясы (IDEA CA), "ПисНексус" фонду ж.б. менен активдүү кызматташып келүүдө. Бул өнөктөштөр ЖББШТБнын демилгелерин колдоодо жана өнүктүрүүдө маанилүү ролду ойноп, борбордун ийгиликтүү башталышына салым кошушкан.

ЖББШТБнын ишмердүүлүгү бардык калк катмарларын жана жаш курактагы топторун, анын ичинде жаштар, аялдар, ДМЧА жана мигранттарды камтыйт.

"Жаш Жаран мектеби" долбоорунун алкагында, жаштар шайлоо жөнүндө билим алып, шайлоолордун ачык-айкындуулугун жана ишенимдүүлүгүн камсыздаган шайлоо технологиялары менен практикалык жактан таанышышат.

БШК жана "Жаштар кыймылы" уюму "Катыш! Танда! Шайла!" маалымат кампаниясынын алкагында өлкөнүн 14 ЖОЖдордун студенттери менен жолугушууларды өткөрүштү. Кампаниянын максаты – жаш шайлоочуларга шайлоого катышуунун маанилүүлүгүн түшүндүрүү.

Жолугушууда, өзгөчө, туруктуу каттоо дарегинен алыста жашаган шайлоочулар үчүн ыңгайлуулук жараткан алыстан добуш берүү мүмкүнчүлүгү кеңири түшүндүрүлдү. Алардын арасында шаардагы ЖОЖдордун студенттери да бар. Ошондой эле жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерге коюлган негизги талаптар, алардын эң аз жаш курагы 21 жаш экендиги талкууланды. "Жаштар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, жаштардын жашы 35ке чейин деп эсептелгендиктен, жаш шайлоочулар жалпы шайлоочулардын болжол менен 43% же 1,7 миллиондон ашуун адамды түзөт.

Иш-чаралардын программасына белгилүү спортчулар – балбан Акжол Махмудов жана көк бөрү боюнча курама команданын мүчөсү Сейитбек Анарбек уулу катышкан мотивациялык видеороликтерди көрсөтүү да кирген, бул студенттер арасында чоң кызыгууну жаратты.

2024-жылдын 10-июлунда Борбор Азиядагы Жергиликтүү башкаруу академиясы уюштурган жыл сайын өтүүчү Аймактар форумунун алкагында БШКнын тең

уюштуруучулугунда “Жергиликтүү кеңештердин аял-депутаттары иш жүзүндө” конкурсунун жеңүүчүлөрү сыйланды. Жеңүүчүлөргө ыраазычылык жарыяланып, БШКнын Ардак грамоталары тапшырылды.

2024-жылдын ноябрында жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоого даярдык көрүүдө айылдык коомчулуктардын активдүү аялдары жана аял талапкерлер үчүн лидерлик жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган иш-чаралар өткөрүлдү.

2024-жылдын 9–13-октябрында айылдык кеңештерге талапкерлигин коюп жаткан аялдарды колдоо максатында 14 тренинг-жолугушуулар төмөнкү аймактарда өткөрүлдү:

• Баткен облусу – Баткен ш., Кадамжай ш.;
• Ош облусу – Ош ш., Гүлчө а.;
• Жалал-Абад облусу – Жалал-Абад ш., Таш-Көмүр ш.;
• Талас облусу – Талас ш., Кызыл-Адыр а.;
• Нарын облусу – Нарын ш., Кочкор а.;
• Ысык-Көл облусу – Каракол ш., Бостери а.;
• Чүй облусу – Шопоков ш., Токмок ш.

Жалпысынан бул тренингдерге 634 адам катышып, алардын ичинен 609 аял, 25 эркек болду.

2024-жылдын 9–16-сентябрында БШКнын чакыруусу менен Кыргызстанда БУУнун шайлоо муктаждыктарын баалоо миссиясы иш алып барды. Миссиянын эксперттери шайлоо процессинин учурдагы абалын талдоо максатында бир катар жолугушууларды өткөрүштү. Талкуулардын жыйынтыгында, 2024-жылдын декабрь айында БУУнун эксперттери 2025–2027-жылдардагы жаңы шайлоо циклинин алкагында КР шайлоолорду уюштурууда жана өткөрүүдө колдоо көрсөтүү боюнча сунуштарын билдиришти. Бул сунуштар 2026-жылы КР ЖК жана 2027-жылы Президенттик шайлоолорго даярдык көрүүдө БШКны колдоого багытталган.

Сунушталган колдоо төмөнкү үч негизги багытты камтыйт:

• жарандык билим берүү боюнча иш-чараларды ишке ашыруу;
• шайлоолордун инклюзивдүүлүгүн жогорулатуу;
• шайлоо учурунда тынч жана объективдүү маалымат чөйрөсүн калыптандыруу.

Бул багыттар шайлоочулардын укуктук маданиятын жогорулатууга жана жарандык билим берүүнү өнүктүрүү боюнча БШКнын стратегиялык милдеттерине толук жооп берет. Жарандардын шайлоолор, саясий башкаруу системасы, демократиялык баалуулуктар, жарандардын укуктары жана милдеттери тууралуу маалымдуулугун жогорулатуу боюнча ишти улантуу ишенимди бекемдөөнүн маанилүү бөлүгү болуп саналат.

2024-жылдын 17-сентябрында “ПисНексус” фондунун өкүлдөрү менен жолугушуу болуп, анын алкагында Кыргыз жараны концепциясын ишке ашыруунун экинчи этабы боюнча кызматташтык маселелери талкууланды.

Жолугушуунун жыйынтыгында БШК, ЖББШТБ жана “ПисНексус” фондунун ортосунда жарандык аң-сезимди жана жарандык активдүүлүктү өнүктүрүү, жалпы жарандык баалуулуктар системасын, адам укуктары жана эркиндиктерине урмат-сый, заманбап демократиялык принциптерди калыптандыруу жаатында кызматташуу боюнча Меморандумга кол коюлду.

Азыркы учурда республика боюнча 77 Жарандык жана санариптик билим берүү борборлору (ЖСБББ) иштеп жатат. Бул борборлор жарандык жана санариптик билим берүүнү өнүктүрүүдө кеңири колдонууга ылайык ресурстук платформа катары кызмат кылат.

Жарандык жана санариптик билим берүү багытында маалыматтык-түшүндүрүү, окутуу иш-чараларын өткөрүү максатында бул борборлордун ресурстары мамлекеттик органдар, ЖӨБ органдары, жарандык коомдук уюмдары, бизнес-структуралар жана башка кызыкдар тараптар тарабынан колдонулушу мүмкүн.

тиркеме

| № | Иш чаранын аталышы | Өткөрүү мөөнөтү | Бирдикте | Катышуучулар/ аудитория |
|---|---|---|---|---|
| **Маалыматтык-түшүндүрүү иши** | | | | |
| 1. | Quiz-викторина Эл аралык аялдардын күнүнө карата https://shailoo.gov.kg/ru/news/7138/ | 7-март 2024-ж. | IFES | 18-28 жаштагылар үчүн |
| 2. | “Санариптик туризм”, жарандык жана санариптик билим берүү борбору боюнча Тренинг https://shailoo.gov.kg/ru/news/7298/ | 15-май 2024-ж. | “Кыргыз бөлүмү Интернет коому” | Кыргызстандын алыскы айыл жерлериндеги аялдар үчүн |
| 3. | Аял талапкерлер үчүн баардык аймактарда БШКнын мүчөлөрү менен тренинг өткөрүү https://shailoo.gov.kg/ru/news/7562/ https://shailoo.gov.kg/ru/news/7568/ https://shailoo.gov.kg/ru/news/7563/ | 9-13-октябрь 2024-ж. | БШК, Борбордук Азиядагы жергиликтүү башкаруу Академиясы, USAID “Ийгиликтүү аймак 2” долбоору | Аял талапкерлер үчүн |
| 4. | “Кыргызстанда шайлоо мезгилинде социалдык түйүндөргө мониторинг кылуу” темасында БШКнын семинары https://shailoo.gov.kg/ru/news/7571/ | 14-октябрь 2024-ж. | Гуманитардык диалог борбору (Швейцария) | Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого катышкан саясий партиялардын, ЖМКлардын, жарандык коом, эл аралык уюмдардын жана шайлоо укугу, процесстеринин өкүлдөрү үчүн. |
| 5. | Жаш Жаран мектеби Бишкек ш. Compass College Шайлоо технологиясын пайдалануу менен креаторлор Кеңешине социалдык лидерлерди шайлоо болуп өттү https://shailoo.gov.kg/ru/news/7593/ | 20-октябрь 2024-ж. | БШК | 1-3-курстун окуучулары “Compass College” |
| 6. | “Катыш! Танда! Шайла!” Маалыматтык кампания республиканын 14 ЖОЖдорунда өттү | Октябрь-ноябрь 2024-ж. | “Кыргызстан Жаштар Кыймылы” | ЖОЖ студенттери |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | https://shailoo.gov.kg/ru/news/7615/ https://shailoo.gov.kg/ru/news/7561/ https://shailoo.gov.kg/ru/news/7620 | | | |
| 7. | Бишкекте “Шайлоо жөнүндө сен эмнени билесин?” темада журналисттер интеллектуалдык оюн аркылуу билимин текшеришти https://shailoo.gov.kg/ru/news/7638/ | 8-ноябрь 2024-ж. | Шайлооо системасы эл аралык уюму (IFES). | Мамлекеттик органдардын жана жарандык коомдордун пресс-кызматтары, ЖМК өкүлдөрү үчүн |
| 8. | Жаштар арасында дебаттык турнир “Zhashtar CUP” https://shailoo.gov.kg/ru/news/7643/ | 10-ноябрь 2024-ж. | “Кыргызстан Жаштар Кыймылы” | Студенттер үчүн |
| 9. | КР жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодо коомдук байкоочулар үчүн семинар https://shailoo.gov.kg/ru/news/7656/ | 14-ноябрь 2024-ж. | Эл аралык институтут | Саясий партиялардын, талапкерлердин, коомдук байкоочулардын өкүлдөрү үчүн |
| 10. | “Катыш! Танда! Шайла!”, жаштар үчүн интелектуалдык оюн, шайлоого арналган Quiz Night форматында https://shailoo.gov.kg/ru/news/7664/ | 14-ноябрь 2024-ж. | Саясатты өнүктүрүү институту | студенттер жана жаштар уюмдарынын өкүлдөрү үчүн |

## 3-БӨЛҮМ. ШАЙЛОО МЫЙЗАМДАРЫН АТКАРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖАНА АНЫ ЖАКШЫРТУУ БОЮНЧА СУНУШТАР

### 3.1. Шайлоолордо аялдардын катышуусун активдештирүү үчүн шарттарды түзүү боюнча чаралар

КР Конституциясынын 24-беренесинде: “КРда эркектер жана аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ” деп белгиленген.

Ошондой эле 37-беренесинде шайлоо укуктарын ишке ашыруунун тең укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү каралган: “КР жарандары мамлекеттик органдарга жана ЖӨБ органдарына шайлоого жана шайланууга, ошондой эле референдумга катышууга укуктуу.”.

Аялдардын шайлануучу органдардагы, өзгөчө айылдык кеңештердин деңгээлиндеги өкүлчүлүгүнүн аз экенин – төмөн деңгээлин эске алуу менен, аялдардын саясий турмушка тең катышуулары үчүн талаптагыдай шарттарды түзүү максатында, КРнын мыйзам чыгаруу деңгээлинде бир катар атайын чараларды кабыл алган.

Мында, КР Конституциясынын 24-беренесинде көрсөтүлгөндөй: “Эл аралык милдеттенмелерге ылайык ар кандай социалдык топтор үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган жана мыйзамда белгиленген атайын чаралар басмырлоо болуп саналбайт.”.

2024-жылдын 17-ноябрында болуп өткөн КР жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун жүрүшүндө гендердик теңчиликти камсыз кылуу жаатында олуттуу жылыштарга жетишилди. Добуш берүүнүн жыйынтыгында аялдар шайланган депутаттардын жалпы санынын 42% түздү, бул аялдардын өлкөнүн саясий турмушуна катышуусуна көмөктөшүүдөгү маанилүү алдыга кадам болду.

Мында 33 шаардык жана 231 КР айылдык кеңештерине бардыгы болуп **6 384 депутат** шайланган, анын ичинен **2 538** (39,75%) **аялдар түздү:**

• **шаардык кеңештерде** 993 депутаттын – **290** (29%) **аял депутаттар;**

• **айылдык кеңештерде** 5 391 депутаттын – **2 248** (42%) **аял депутаттар.**

Бул маалыматтар ЖӨБ органдарында аялдардын тең салмактуу өкүлчүлүгүн камсыз кылууда оң динамикадан кабар берет. Аял депутаттар жергиликтүү чечимдерди кабыл алуу процесстерине жигердүү катышууда, бул дагы адилеттүү жана туруктуу саясий системаны түзүүгө өбөлгө түзөт.

Бул жыйынтык аялдардын саясатка катышуусун жогорулатуу боюнча максаттуу мамлекеттик саясаттын натыйжасы. 2019-жылдан бери системалуу чаралардын, колдоо программаларынын жана билим берүү демилгелеринин аркасында аялдардын шайлоо процесстерине катышуусу бир топ өстү.

• 2019-жылы жергиликтүү кеңештин депутаттарынын арасында аялдардын үлүшү болгону **9%**ды түзгөн

• 2021-жылы - **38%**

• 2024-жылы - **42%**

Аялдардын өкүлчүлүгүнүн көбөйүшү гендердик тең салмактуулукту камсыз кылуу боюнча көрүлгөн кадамдардын натыйжалуулугун көрсөтөт жана КР адам укуктары жана туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү милдеттерин аткарууга умтулуусун тастыктайт.

Бул өзгөрүүлөр КР Президентинин саясий колдоосунан, шайлоо мыйзамдарын үзгүлтүксүз өркүндөтүүдөн, КР ЖК тарабынан квота киргизилгенинен жана калк арасында жигердүү маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдөн улам гана мүмкүн болду, бул аялдар үчүн бийликтин бардык деңгээлдеринде мүмкүнчүлүктөрдү бир кыйла олуттуу кеңейтти.

Шайлоолор мамлекеттик органдар, ЖӨБ органдары менен тыгыз кызматташтыкта коомдук жана эл аралык уюмдар менен өнөктөштүктө шайлоо комиссияларынын активдүү иштөөсү менен өткөрүлүп, аялдардын өз жамааттарын башкарууга жана өнүктүрүүгө маанилүү салым кошууга даяр жана жөндөмдүү экенин тастыктады.

**3.2. <u>Жогорку Кеңештин жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандатын өткөрүп берүү бөлүгүндө мыйзамдардын аткарылышы</u>**

**1)** VII чакырылыштагы КР ЖК депутаттарын шайлоолор 2021-жылдын 28-ноябрында болуп өткөн. Жыйынтыгында 54 депутат пропорционалдык тутум боюнча (саясий партиялардын талапкерлеринин ачык тизмеси боюнча), бирдиктүү шайлоо окуругдарынан, ал эми 36 депутат – мажоритардык тутум боюнча бир мандаттуу округдардан шайланышкан.

КР ЖКнын VII чакырылышынын депутаттары шайланган убактан 2024-жылга карата жалпы **22** депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган, алардын ичинен:

**саясий партиялардын тизмелери боюнча - 13 депутат**

- “Ата-Журт Кыргызстан” - 6
- “Альянс” - 3
- “Бүтүн Кыргызстан” - 2
- “Ишеним” - 1
- “Ыйман Нуру” - 1

**бир мандаттуу округдардан - 9 депутат**

Депутаттардын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнөн мурда токтотулушунун себептери төмөнкүдөй бөлүнөт:

– ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө өз арызын берүү – **13** (“Ата-Журт Кыргызстан” – 3, “Альянс” – 1, “Ишеним” – 1, “Ыйман Нуру” – 1), бир мандаттуу округдар – **7**);

– депутаттык ыйгарым укуктарды аткаруу менен айкалыштырылгыс башка ишке өтүү – **3** (“Ата-Журт Кыргызстан” – 2, “Альянс” – 1);

– жогорку билими жөнүндө дипломдорду жокко чыгаруу – **3** (“Ата-Журт Кыргызстан” – 1, “Альянс” – 1, “Бүтүн Кыргызстан” – 1);

– соттук чечимдерди аткаруу – **2** (№4 Көк-Жар округу - 1 жана №29 Свердлов округу - 1);

– депутатка карата соттун күчүнө кирген айыптоо өкүмү менен – **1** (“Бүтүн Кыргызстан” - 1);

**КР ЖК депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бошогон мандаттарды өткөрүп берүү жөнүндө маалыматтар**

| № | Депутаттын Ф.А.А | Саясий партиянын\ бир мандаттуу округдун аталышы | Негизи, БШК депутаттардын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө токтомунун датасы жана номери | Бош мандат бергилген талапкердин Ф.А.А, БШК бош калган мандатты өткөрүп берүү жөнүндө токтомунун датасы жана номери |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Нарматова Орозайым Кочконбаевна | “Бүтүн Кыргызстан” | Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган КР ББжИМ О.К. Нарматовага жогорку кесиптик билим алуунун тартиби жөнүндө мыйзамдарды | Айдарова Айгүл Абдисаламовна БШК 2022-жылдын 25-январындагы № 5 токтому |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | бузуу менен берилген ЖАМУнун жогорку билим жөнүндө дипломун чакыртып алуу жөнүндө маалыматы. БШК 2022-жылдын 20-январындагы № 4 токтому. | |
| 2. | Сулайманов Алтынбек Турдубаевич | “АЛЬЯНС” | А. Т. Сулаймановдун КР Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кызмат ордуна дайындалганына байланыштуу. БШК 2022-жылдын 26-февралындагы № 22 токтому. | Жамгырчиев Эмил Эрикович БШК 2022-жылдын 25-февралындагы № 23 токтому |
| 3. | Торобаев Бакыт Эргешевич | “Ата-Журт Кыргызстан” | Б. Э. Төрөбаевдин КР Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басарынын кызмат ордуна дайындалганына байланыштуу БШК 2022-жылдын 1-апрелиндеги № 36 токтому. | Боронбаев Абдыбахаб Жолдошович БШК 2022-жылдын 1-апрелиндеги № 36 токтому |
| 4. | Сабиров Равшанбек Азатович | “Ата-Журт Кыргызстан” | Р. А. Сабировдун КР Президентине караштуу инвестициялар боюнча Улуттук агенттиктин директорунун кызмат ордуна дайындалганына байланыштуу. БШК 2022-жылдын 14-мартындагы № 29 токтому | Абдалиев Мейкинбек Акимович БШК 2022-жылдын 14-мартындагы № 31 токтому |
| 5. | Абиров Жаныбек Болотбекович | №26 Ленин округу | ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшырганы жөнүндө жеке арызынын негизинде. БШК 2023-жылдын 27-мартындагы № 23 токтому | КР Президентинин 29.03.2023-ж., Жарлыгы менен мөөнөтүнөн мурда шайлоо жарыяланган, бирок шайлоонун жыйынтыгы жараксыз деп таанылган. БШК 12.07.2024-ж.. №64 токтому менен кайра шайлоолор дайындалган. Шайлоолордун жыйынтыгы боюнча Самаков Кубанычбек Карганбекович шайланган. БШК 2023-жылдын 24-сентябрындагы № 93 токтому |
| 6. | Исмаилов Фархат Даткабаевич | “Ата-Журт Кыргызстан” | Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган КР Ббж-аИМ маалыматынын негизинде Ф. Д. Исмаиловдун жогорку билими жөнүндө диплому чакырып алынган жана жокко чыгарылган. БШК 2023-жылдын 6-июлундагы 63-токтому | Толонов Чынберди Толонович БШК 2023-жылдын 21-декабрындагы 106 токтому |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7. | Алимжанов Фарходбек Айбекович | “Альянс” | Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган КР ББжИМ Ф. А. Алимжановдун жогорку билими жөнүндө диплому чакырып алынганы жана жокко чыгарылганы жөнүндө маалыматынын негизинде.<br>БШК 2023-жылдын<br>6-июлундагы<br>62-токтому | Мамашова Айсулуу Турусбековна<br>БШК 2024-жылдын<br>2-февралындагы<br>№ 5 токтому |
| 8. | Бакиров Омурбек Мирзараимович | №4 Көк-Жар округу | Бишкек шаардык сотунун 2023-жылдын 7-июнундагы аныктамасы менен жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын 18-августундагы токтому менен күчүндө калтырылган Административдик соттун чечимин аткаруу.<br>БШК 2023-жылдын<br>26-августундагы<br>№ 81 токтому | Соттордун чечимдерин аткаруу, БШК 26.08.2023-ж., токтомунун негизинде Рысбаев Равшанбек Рысбаевич ЖК депутаты болуп катталган.<br>БШК 2023-жылдын 30-августундагы<br>№ 82 токтому |
| 9. | Жамгырчиев Эмил Эрикович | “Альянс” | ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшырганы жөнүндө жеке арызынын негизинде.<br>БШК 2024-жылдын<br>2-февралындагы № 3 токтому | Абакиров Эльдар Курманбекович<br>БШК 2024-жылдын<br>2-февралындагы<br>№ 6 токтому |
| 10. | Боронбаев Абдыбахаб Жолдошович | “Ата-Журт Кыргызстан” | ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшырганы жөнүндө жеке арызынын негизинде.<br>БШК 2024-жылдын<br>14-февралындагы № 7 токтому | Зулпуев Саидбек Мейраждинович<br>БШК 2024-жылдын<br>14-февралындагы<br>№ 9 токтому |
| 11. | Ражабалиев Нурлан Аскаралиевич | №2 Баткен округу | ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшырганы жөнүндө жеке арызынын негизинде.<br>БШК 2024-жылдын<br>22-февралындагы № 11 токтому | КР Президентинин 4.03.2024-ж., Жарлыгы менен ЖК мөөнөтүнөн мурда шайлоолор дайындалган. Шайлоолордун жыйынтыгы боюнча Калпаев Бактыяр Алиевич<br>Шайланган.<br>БШК 2024-жылдын<br>7-майындагы № 48 токтому |
| 12. | Матраимов Искендер Исмаилович | №9 Кара-Суу округу | ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшырганы жөнүндө жеке арызынын негизинде.<br>БШК 2024-жылдын<br>22-февралындагы № 12 токтому | КР Президентинин 4.03.2024-ж., Жарлыгы менен ЖК депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоолор дайындалган. Шайлоолордун жыйынтыгы боюнча Кубанычбеков Илимбек Кубанычбекович шайланган. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | БШК 2024-жылдын 07-майындагы № 49 токтому |
| 13. | Осмонов Айбек Жапарович | №7 Ош округу | ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшырганы жөнүндө жеке арызынын негизинде.<br>БШК 2024-жылдын 13-мартындагы № 20 токтому | КР Президентинин 14.03.2024-ж., Жарлыгы менен ЖК депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоолор дайындалган. Шайлоолордун жыйынтыгы боюнча Эргешов Бекмурза Аскарбаевич шайланган.<br>БШК 2024-жылдын 07-майындагы № 50 токтому |
| 14. | Джусупов Эмилбек Рамидинович | "Ишеним" | ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшырганы жөнүндө жеке арызынын негизинде.<br>БШК 2024-жылдын 22-апрелиндеги № 34 токтому | Рустамбек уулу Советбек<br>БШК 2024-жылдын 22-апрелиндеги № 35 токтому |
| 15. | Коргонбай уулу Жусупбек | №5 Ноокат округу | ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшырганы жөнүндө жеке арызынын негизинде.<br>БШК 2024-жылдын 23-апрелиндеги № 36 токтому | КР Президентинин 30.04.2024-ж., Жарлыгы менен 2024-жылдын 30-июнуна ЖК депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоолор дайындалган. Шайлоолордун жыйынтыгы боюнча Марипов Бакытбек Асамидинович шайланган.<br>БШК 2024-жылдын 8-июлундагы № 82 токтому |
| 16. | Сарбагышев Максатбек Канатбекович | №36 Ысык-Көл округу | ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшырганы жөнүндө жеке арызынын негизинде.<br>БШК 2024-жылдын 25-апрелиндеги № 38 токтому | КР Президентинин 30.04.2024-ж., Жарлыгы менен 2024-жылдын 30-июнуна ЖК депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоолор дайындалган. Шайлоолордун жыйынтыгы боюнча Тыналиев Айжигит Казакбаевич шайланган.<br>БШК 2024-жылдын 7-июлундагы № 80 токтому |
| 17. | Мадумаров Адахан Кимсанбаевич | "Бүтүн Кыргызстан" | КР ЖК депутаты А. К. Мадумаровга карата Бишкек ш. Биринчи май райондук сотунун 2024-жылдын 26-мартындагы өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенине байланыштуу, КР Конституциясынын 79-беренесинин 2-бөлүгүнүн 8-пунктуна, "КР Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын | Бердиев Аккулу Тагаевич<br>БШК 2024-жылдын 23-августундагы № 103 токтому |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | конституциялык мыйзамынын 65-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык, КР ЖК депутаты А. К. Мадумаровдун ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулду.<br>БШК 2024-жылдын 26-апрелиндеги № 39 токтому | |
| 18. | Атазов Шайлообек Карыбекович | №29 Свердлов округу | Бишкек ш. сотунун 2024-жылдын 5-апрелиндеги аныктамасы жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2024-жылдын 30-апрелиндеги токтому менен күчүндө калтырылган Административдик соттун 2024-жылдын 1-мартындагы чечимин аткаруу, БШК 2022-жылдын 6-апрелиндеги № 40 токтому Ш. К. Атазовду КР ЖК депутаты катары каттоо бөлүгүндө БШК 2024-жылдын 7-майындагы № 54 токтому менен жокко чыгарылган. | КР Президентинин 16.05.2024-ж., Жарлыгы менен 2024-жылдын 30-июнуна ЖК депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоолор дайындалган.<br>Шайлоолордун жыйынтыгы боюнча Салымбеков Жумабек Мамытбаевич шайланган.<br>БШК 2024-жылдын 27-июлундагы № 81 токтому |
| 19 | Икрамов Тазабек Икрамович | №13 Сузак округу | ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшырганы жөнүндө жеке арызынын негизинде.<br>БШК 2024-жылдын 16-июлундагы № 86 токтому | КР Президентинин 24.07.2024-ж., Жарлыгы менен 2024-жылдын 30-июнуна ЖК депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоолор дайындалган.<br>Шайлоолордун жыйынтыгы боюнча Кылычбаев Алтынбек Таирович шайланган.<br>БШК 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 151 токтому |
| 20 | Абдалиев Мейкинбек Акимович | “Ата-Журт Кыргызстан” | ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшырганы жөнүндө жеке арызынын негизинде.<br>БШК 2024-жылдын 19-августундагы № 98 токтому | Эгембердиев Арсланбек Абдыкайымович. БШК 2024-жылдын 19-августундагы № 99 токтому |
| 21 | Кадырбеков Нуржигит Кадырбекович | “Ыйман Нуру” | ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшырганы жөнүндө жеке арызынын негизинде.<br>БШК 2024-жылдын 30-августундагы № 108 токтому | Айдаралиев Эрнис Шарабидинович БШК 2024-жылдын 30-августундагы № 110 токтому |
| 22 | Толонов Чынберди Толонович | “Ата-Журт Кыргызстан” | Ч. Т. Толоновдун ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшырганы | Нышанов Джайлообай Данибаевич БШК 2024-жылдын 16-декабрындагы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | жөнүндө жеке арызынын негизинде.<br>БШК 2024-жылдын 16-декабрындагы № 264 токтому | № 266 токтому |

2) 2024-жылдан тартып жергиликтүү кеңештердин **14** депутаты, анын ичинде **6 аял,** ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотушкан.

Депутаттардын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотулушунун себептери:

• жеке арыз боюнча – 14.

**2024-жылы жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыгы жөнүндө маалыматтар**

| **№** | **Аталышы** | **ж/к саны** | **Мандаттардын саны** | **Мөөнөт. мурда токт-ган** | **Эркектер** | **Аялдар** | **Ыйгарым укуктарды мөөнөтүнөн мурда токтотуунун себептери** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | **жеке арыз** | **башка ишке өтүү** | **сот. өкүмү** |
| | | **264** | **6 384** | **14** | **8** | **6** | **14** | | |
| 1 | Бишкек ш. | 1 | 51 | - | - | - | - | | |
| 2 | Ош ш. | 1 | 51 | - | - | - | | | |
| 3 | Ысык-Көл | 25 | 625 | 2 | 1 | 1 | 2 | | |
| 4 | Чүй | 56 | 1 266 | 1 | - | 1 | 1 | | |
| 5 | Нарын | 28 | 558 | 2 | 1 | 1 | 2 | | |
| 6 | Талас | 17 | 377 | - | - | - | - | | |
| 7 | Ош | 61 | 1 541 | 4 | 4 | - | 4 | | |
| 8 | Жалал-Абад | 47 | 1 197 | 3 | 1 | 2 | 3 | | |
| 9 | Баткен | 28 | 718 | 2 | 1 | 1 | 2 | | |

### 3.3. Шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштар

Мамлекеттик бийлик органдарына жана ЖӨБ органдарына таза, ачык жана мыйзамдуу шайлоолордун негизинде жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашырууга толук кепилдик берген эффективдүү, так жана туруктуу шайлоо мыйзамдары түзөт. Мыйзам чыгаруу базасы эл аралык стандарттарды, улуттук тажрыйбаны жана КР шайлоолорду өткөрүү практикасын эске алуу менен түзүлөт.

Ар бир шайлоо циклинин аягында БШК иш жүзүндө орун алган кемчиликтерге, эл аралык байкоочулардын миссияларынын, жарандык коомдун баяндамаларында камтылган, коомдук талкуулардын жүрүшүндө келип түшкөн сунуштарга системалуу талдоо жүргүзөт. Бул, шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча негиздүү демилгелерди өз убагында өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

БШК өз ишинде КР Конституциясын, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын, ошондой эле башка ченемдик укуктук актыларды жетекчиликке алат.

БШКнын маанилүү милдеттеринин бири шайлоо мыйзамдарынын бирдей колдонулушун камсыз кылуу болуп саналат.

Өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде БШК:

• мыйзам талаптарынын аткарылышын көзөмөлдөөнү ишке ашырат;

• аткарууга милдеттүү токтомдорду, нускамаларды, жоболорду жана башка ченемдик актыларды кабыл алат;

• шайлоо системасынын бардык деңгээлдеринде алардын аткарылышын көзөмөлдөйт;

• шайлоолорду жана референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү мыйзамда белгиленген тартипте уюштурат.

Аталган ишмердүүлүк мыйзамдуулукту бекемдөөгө, укуктук ишенимдүүлүктү жогорулатууга жана КР шайлоо системасын ырааттуу өнүктүрүүгө багытталган.

Шайлоо алдындагы үгүт иштеринин алкагында БШК тиешелүү токтомдорду жана чечимдерди кабыл алат, КР шайлоо мыйзамдарында каралган уюштуруучулук жана практикалык иш-чараларды жүзөгө ашырат, шайлоого байланыштуу кайрылууларды жана талаш-тартыштарды карайт, аныкталган мыйзам бузууларга ыкчам чара көрөт.

Белгилей кетсек, КРда 2026-2027-жылдарга – **парламенттик жана президенттик** шайлоолор пландаштырылган.

БШК ушул мезгилге төмөнкүдөй стратегиялык максаттарды аныктады:

• мамлекеттик бийликтин легитимдүүлүгүнүн жана башкаруунун туруктуулугунун негизи катары **шайлоочулардын шайлоого катышуусунун деңгээлин жогорулатуу;**

• шайлоо системасына жана саясий институттарга **коомдун ишенимин бекемдөө;**

• шайлоо процесстеринин **туруктуулугун жана ачыктыгын** камсыз кылуу.

“Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча иштер жөнүндө” 2022-жылдын 30-июнундагы № 224 БШКнын чечими менен, шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүүгө багытталган сунуштарды иштеп чыгып, андан ары КР ЖКга жөнөтүү максатында, 2022-жылдан баштап, **шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ** (мындан ары – ВАЖТ) түзүлгөн.

ВАЖТнын курамына КР ЖКнын депутаттары, БШК мүчөлөрү, БШКнын аппаратынын кызматкерлери, судьялар, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, жарандык коомдун өкүлдөрү жана шайлоо мыйзамдары жаатындагы эксперттер кирген.

Төмөнкү багыттар боюнча ВАЖТнын 7 топтору уюшулган:

1) жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолор жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү маселелери боюнча;

2) КР Президентин жана КР ЖКнын депутаттарын шайлоолор жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү маселелери боюнча;

3) финансылык ачык-айкындыкты камсыз кылуу маселелери боюнча;

4) шайлоочулардын айрым категорияларынын (мигранттардын ж.б.) шайлоолорго катышууларынын шарттарын жакшыртуу маселелери боюнча;

5) шайлоо талаш-тартыштарын кароону жана шайлоо мыйзамдарын бузгандык үчүн юридикалык жоопкерчиликти күчөтүү маселелери боюнча;

6) шайлоолордо колдонулган шайлоо технологияларын өркүндөтүү маселелери боюнча;

7) кабарландыруу жана шайлоо алдындагы үгүттөө эрежелери маселелери боюнча.

2024-жылдын 16-апрелинде шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча ВАЖТнын отуруму болуп, анда ААРдын жүрүшү жана ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдарынын-жергиликтүү кеңештердин иштешин камсыз кылуу менен байланышкан милдеттер жөнүндө маалымат берилди.

ВАЖТнын ишинин алкагында, 2024-жылы "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору иштеп чыгып, ВАЖТнын мүчөлөрү болгон КР ЖКнын депутаттары тарабынан демилгеленген.

**2024-жылдын 2-августунда № 158 жана 2024-жылдын 30-сентябрында № 167** "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары кабыл алынган.

**2025-жылдын 7-апрелинде Бишкек шаарында** "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" конституциялык Мыйзамынын долбоорун талкуулоо боюнча ВАЖТнын кеңейтилген отуруму болуп өткөн.

Отурумга КР ЖКнын депутаттары, БШКнын мүчөлөрү, Бишкек шаардык кеңешинин депутаттары, мамлекеттик органдардын, жарандык коомдук уюмдардын, эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, көз карандысыз эксперттер жана ЖМК өкүлдөрү катышкан.

ВАЖТ отурумунда "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү долбооруна, депутаттарды шайлоо тутумуна, талапкерлерди көрсөтүүгө, каттоого, үгүт жүргүзүүгө, бош мандатты ээлөөгө, үгүтчүлөрдүн санына, шайлоо төлөмдөрүнө, натыйжаларды аныктоого, гендердик квотага, ДМЧА укуктарына жана башкаларга тийиштүү маселелер талкууланган.

**2025-жылдын 30-апрелинде** КР ЖКнын депутаттары "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» конституциялык Мыйзам долбоорун үчүнчү окууда кабыл алып, КР Президентине кол коюуга жиберилген.

БШК эл аралык сунуштарды жана кызыктар тараптардын кеңири чөйрөсүн тартууну эске алуу менен шайлоо практикасын талдоого негизделген мамилени ырааттуу түрдө ишке ашырып келет.

2026-2027-жылдарга шайлоо циклин утурлай, шайлоонун инклюзивдүүлүгүн, ачыктыгын жана туруктуулугун камсыз кылуу максатында БШК **шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча төмөнкүлөрдү сунуштайт:**

1) "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү, анткени колдонуудагы мыйзамга ылайык БШКнын милдеттери жана ыйгарым укуктары бөлүгүндө, "жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларын" деген шилтемелерди камтыган

ченемдерди редакциядан алып салуу зарыл, себеби бүгүнкү күндө бул ченем актуалдуулугун жоготту.

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, 2021-жылдан тарта ЖӨБдүн аткаруу органдарынын башчыларына шайлоо өткөрүлбөйт, шаарлардын мэрлерин жана айыл өкмөт башчыларын дайындоо мыйзамда белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

2) “Жогорку Кеңештин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамда талапкерлердин жаш чегине болгон талапты КР Конституциясына ылайык келтирүү максатында өзгөртүү киргизүү сунушталат. Колдонуудагы мыйзамдын 1-беренесинде жаран депутат болуш үчүн 21 жаштан кем эмес болушу белгиленген, бирок КР Конституциясынын 76-беренесине ылайык, шайлоо күнүнө 25 жашка толгон жаран КР ЖКнын депутаты боло алат.

Укуктук карама-каршылыктарды жоюу жана бирдейликти камсыз кылуу үчүн Конституцияга ылайык жаш чегин белгилөө боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. Түзөтүүлөрдү кабыл алуу укуктук ишенимдүүлүктү бекемдеп, Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылат.

3) 2023-2024-жылдары бир катар мөөнөтүнөн мурда жана кайра шайлоолорду өткөрүүнү эске алуу менен, анын ичинде талапкерлер тарабынан мыйзамдардын бузулушуна жана ушул максаттарга мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын сарпталышына байланыштуу, шайлоонун натыйжаларынын жараксыз деп табылышына күнөөлүү талапкерлерге, юридикалык жоопкерчиликтин башка чаралары менен катар материалдык жоопкерчиликти киргизүүнү сунуштайбыз.

4) Шайлоочулардын жарандык активдүүлүгүн жогорулатуу максатында шайлоо күнүн иш күндөрүнүн биринде өткөрүү мүмкүнчүлүгүн кароо сунушталат.

Шайлоо күнүн иш күнүнө которуу жана аны расмий эс алуу деп жарыялоо төмөнкүдөй артыкчылыктарды берет:

– кепилденген дем алыш күнү жарандардын шайлоо процессине көңүлүн арттырат жана добуш берүүгө катышуу үчүн кошумча стимул түзөт;

– иш күнүндө адамдар добуш берүүгө келүү зарылдыгына көбүрөөк жоопкерчиликтүү болушат, анткени бул күн атайын добуш берүү үчүн белгиленет.

**Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси:**

**КР ЖК** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши
**ИИМ** – Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги
**СӨМ** – Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги
**ББжИМ** – Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
**УКМК** – Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети
**БШК** – Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы
**ОШК** – Округдук шайлоо комиссиясы
**АШК** – Аймактык шайлоо комиссиясы
**УШК** – Участкалык шайлоо комиссиясы
**УТРК** – Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясы
**ЫЧКТ** – Ыкчам чара көрүү координациялык тобу
**ДМЧА** – Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар
**ЖМК** – Жалпыга маалымдоо каражаттары
**ЖӨБ** – Жергиликтүү өз алдынча башкаруу
**ААР** – Административдик-аймактык реформа
**КБМР** – Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестри
**АДБ** – Аралыктан добуш берүү
**ТКТ** – Техникалык колдоо тобу
**АЭУ** – Автоматтык эсептөөчү урна
**ПИТ** – Принтери бар идентификациялоо түзүлүшү
**ШКБС** – Шайлоочуларды каттоонун бирдиктүү системасы
**УБК** – “Укук бузуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын кодекси
**БУУ** – Бириккен Улуттар Уюму
**ЖББШТБ** – Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору
**КЖБР** – Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри
**КЖПК** – Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси